**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы 2020-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунда насыя, гранттык жана Кыргыз Республикасынан каржыланган каражаттардын натыйжалуу пайдаланышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга каралган аудит жүргүзүү планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 7-майындагы №06-1/326 буйругуна ылайык, аудитор Б.А. Рыскулиевдин жетекчилиги алдында, башкы мамлекеттик инспектор Т.Д. Алымолдоев, мамлекеттик инспекторлор Б.У. Исаков, Б.О. Абдыкасымов, С.К. Маматжанов жана курулуш боюнча тартылган адиси Э. Токтосунов тарабынан, 2020-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейин мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун долбоорлорунда насыя жана гранттык каражаттардын натыйжалуу пайдаланышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тараптар жана аудит объектиси**

Ушул аудитке карата жооптуу тарап жана аудиттин объектиси болуп - Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу (мындан ары - АРИС) болуп эсептелет.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун жетекчилиги насыя, гранттык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кош каржылоо каражаттарын башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун милдети**

Биздин милдет, жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин предмети жана аудиттин тиешелүү критерийлери боюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун долбоорлорунун ишмердигинин укук орнотуу ченемдик документтерде бекитилген максаттар жана милдеттерге шайкеш келиши эсептелет.

**Аудиттин критерийлери**

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2003-жылдын 15-октябрндагы ПЖ №330 "Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосун түзүү жөнүндө" Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-майындагы №232 бекитилген, "Мамлекеттик инвестицияларды башкаруу боюнча" жобо;
- Кредиттик, гранттык жана каржылоо келишимдери;
- Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен түзүлгөн кызматташтык жөнүндө Макулдашуулар.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Иш-чара аудит үчүн Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдерин сактоону, ошондой эле Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун долбоорлору боюнча насыя жана гранттык каражаттардын натыйжалуу пайдаланышында бардык олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келээрин негиздүү ишеним ала тургандай аудитти пландаштырууну жана өткөрүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Аудит ишинде тыянактарды тастыктаган жетиштүү жана талапка жооп берген далилдерди алуу боюнча жол-жоболорду аткаруу иши камтылат. Аудит мөөнөтү чектелүү болгондуктан, Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун долбоорлору боюнча насыя жана гранттык каражаттардын натыйжалуу пайдаланышынын шайкештиги өзгөчөлүгү жана контексти боюнча олуттуулугун аныктоо аркылуу тандалма аудит жүргүзүлдү.

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29-беренесине ылайык аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти аудит объектисинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тартат.

Төрт жылдык аудит мезгилиндеги документ жүгүртүүнүн чоң көлөмүнө байланыштуу, аудит тандалма негизде жүргүзүлдү жана ката табылбагандыгы үчүн тобокелдик укугун өзүнө калтырат.

Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар жана сунуштамалар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудит мезгилинде АРИСтин операциялык иш-чаралар үчүн жооптуу - аткаруучу директор кызматын төмөндөгүлөр ээлешкен:**

2020-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 4-февралына чейин Б.Т. Супаналиев, 2022-жылдын 4-февралынан 30-апрелине чейин - А.Р. Чынбаева, 2022-жылдын 30-апрелинен тартып бүгүнкү күнгө чейин - М.Д. Наспеков.

***Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунда жүргүзүлгөн мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы***

2018-жылдын 1-январынан тартып 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудиттин жыйынтыгы боюнча 2022-жылдын 2-декабрында № 01-23/27 жазма буйрук жана 2022-жылдын 2-декабрында № 01-23 /26 сунуштама жөнөтүлгөн.

4 пункттан турган жазма буйруктун 3-пункту аткарылган эмес жана 4-пункту жарым-жартылай аткарылган. 6 пункттан турган сунуштаманын 6-пункту жарым-жартылай аткарылган.

Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 11 195,8 миң сомдон, 10 902,7 миң сом калыбына келтирилген, калдыгы 293,1 миң сомду түзөт.

АРИСтин кайрылуусу боюнча, Эсептөө палатасы тарабынан жазма буйруктун 3-пунктун аткарылышы кийинки аудиттин алкагында каралсын деп тапшырма берилген.

Ага ылайык, жазма буйруктун 3-пунктунун аткарылышы боюнча төмөндөгүнү билдиребиз, "Чүй облусунун Сокулук районундагы "Күнтуу" айылынын суу системасын реабилитациялоо" № IDA-SRWSSDP-CW-2018-8/1 Келишими боюнча №1-лоттун тендердик иш кагаздарды дайындоодо ката кетирилип №1.1 жумуш көлөмдөрүнүн жыйынтыктоочу эсебинде *"Күнтуу айылын суу менен камсыз кылуу системасы"* аталашынын ордуна *"Шалта айылынын суу өткөргүчү"* аталышта кирип калган.

Ал эми 1С базасында бул лоттун 1.1 пункту *"Күнтуу айылын суу менен камсыз кылуу системасы"* аталышында киргизилген жана иштер жалпы суммасы 1 620,4 миң сомду түзгөн, ал эми долбоорду ишке ашыруу учурунда аткаруучу мекемеге жогорудагы иш көлөмдөрүнүн ичинен аткарылган иштер актысынын негизинде 1 428,0 миң сом, төлөнүп берилген.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 2-февралындагы №01-23/27 жазма буйругунун 3-пункту толугу менен аткарылган деп эсептейбиз.

**Сунуштама**

2018-жылдын 1-январынан тартып 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунда жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы

боюнча жөнөтүлгөн 2022-жылдын 2-декабрында № 01-23/27 жазма буйруктун 4-пункту (анын ичинде ордуна коюлбаган шайкеш келбестиктин 293,1 миң сомго калдыгы) жана жөнөтүлгөн 2022-жылдын 2-декабрында № 01-23/26 сунуштаманын 6-пункту толугу менен аткарылышы камсыздалсын.

**Аудит жүргүзүлүүчү субъектке кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун Кыргыз Республикасынын Президентинин 2003-жылдын 15-октябрындагы ПЖ № 330 Жарлыгы менен түзүлгөн. Анын түзүлүшүнүн максаты Улуттук кедейчиликти кыскартуу стратегиясынын алкагында кедейчиликти жоюуга, жеке ишкерликти өнүктүрүүгө жана колдоого багытталган инвестицияларды тартуу боюнча чараларды тереңдетүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн чыңдоо жана жергиликтүү жамааттардын жана коомдук уюмдардын потенциалын жогорулатуу.

АРИСтин негизги максаты, Кыргыз Республикасында кедейчиликти туруктуу жеңүүгө колдоо көрсөтүү болуп саналат. Бул жергиликтүү жамааттарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү социалдык жана экономикалык маселелерди чечүүдө жардам берүү аркылуу ишке ашат. Бул жергиликтүү көйгөйлөрдү аныктоо жана артыкчылыктарды белгилөө, тийиштүү инвестициялык пландарды жана иш-аракеттер пландарын иштеп чыгуу, ресурстарды мобилизациялоо, ошондой эле жергиликтүү артыкчылыктуу маселелерди чечүүгө багытталган инвестицияларды иштеп чыгуу, ишке ашыруу жана башкаруу боюнча алардын потенциалын жогорулатуу аркылуу ишке ашат. Өз ишмердүүлүгүн айылдык жана шаардык калктын кеңири катмарлары арасында жүргүзүп, калкка инфраструктуралык жана социалдык кызматтарды жакшыртууга, айылдык жана шаардык ишканаларды колдоого, жергиликтүү жамааттар менен мамлекеттик түзүмдөрдүн ортосундагы өз ара аракеттенүүнү жакшыртууга багытталган долбоорлорду колдойт.

Мекеме катары АРИС юридикалык жак статусуна ээ болгон коммерциялык эмес уюм болуп саналат. Агенттик мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан тартып юридикалык жак статусун, ошондой эле өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө укуктарды жана милдеттерди алат жана сотто доогер жана жоопкер катары чыгууга укуктуу.

АРИСтин негиздөөчүлөрү төмөнкүлөр болуп саналат:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы;
- Юридикалык жактардын бирикмеси “Кыргыз Республикасынын айылдар жана шаарчалар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ассоциациясы”;
- Коомдук бирикме “Каунтерпарт-Шериктеш”.

Эң жогорку башкаруу органы 7 мамлекеттик органдын өкүлдөрүнөн, 7 жергиликтүү өз алдынча башкаруу өкүлдөрүнөн жана 7 жарандык коом өкүлдөрүнөн турган Байкоочу Кеңеш болуп саналат.

Башкаруунун аткаруучу органы АРИСтин аткаруучу директору болуп саналат.

**Аудит жүргүзүлгөн мезгилде АРИС төмөнкү долбоорлорду башкарган:**

1. “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү” долбоору - (Грант № 20000004398/ Кредит №2000000438/ КРӨ №000000440);
2. “Айылды инвестициялоо-3” долбоору - (ПСИ-3), (Грант №D041-KG/ Кредит № 5601-KG);
3. “Шаарды өнүктүрүү” долбоору - (Грант №D101-KG/ Кредит № 5762-KG/КРӨ);
4. “Айылды суу менен камсыз кылуу жана санитарияны туруктуу өнүктүрүү” долбоору - (ЭӨА), (Грант №D1380-KG/ Кредит №5907-KG/КРӨ);
5. “КР айылдарды туруктуу өнүктүрүү” долбоору - (Кредит № 2KYR0044 жана №7KYR0045/КРӨ);
6. “КР Айылды суу менен камсыз кылуу жана санитарияны жакшыртуу” долбоору - (ИӨБ) (ИФСЦР KGZ №-1013/10001117 жана №KGZ-1013/10001118/КРӨ);
7. “Рыноктorго чыгууну камсыздоо” долбоору - (Грант №DSF 2000001756/ Кредит № 2000001757/КРӨ);
8. “Жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу” долбоору - (Грант №D 2400 KG/ Грант SECO №TFOB2457/КРӨ);
9. “Айылды суу менен камсыз кылуу жана санитарияны туруктуу өнүктүрүү” долбоорун кошумча каржылоо” - (Грант №D2040-KG/ Кредит №6088-KG/КРӨ);
10. “Жергиликтүү коомчулуктарды колдоо CASA-1000” долбоору - (Грант № D294-KG (TF0A6612)/ Кредит № 6219-KG);
11. “Нарын облусунда айылды суу менен камсыз кылуу жана санитарияны туруктуу өнүктүрүү” программасы - (Грант №0676 -KGZ (SF)/ Кредит № 3854-KGZ (COL)/Р);
12. “Ош облусун жана Ош шаардык региондук экономикалык өнүктүрүү” долбоору - (Грант №D5700-KG/ Кредит № 6558-KG);
13. “Жергиликтүү коомчулуктарды колдоо CASA-1000” долбоору - (Грант №D705-KG/ Кредит № 6756-KG);
14. “Баткен жана Талас облустарында айылды суу менен камсыз кылуу жана санитарияны жакшыртуу” долбоору - (ИӨБ/СФР) (СФР кредити № KGZ-1020/ ИӨБ кредити № 6/750/КРӨ);
15. “Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун алкагында кошумча каржылоо (COVID-19 чара көрүү боюнча)” долбоору - (Грант №D727-KG/ Кредит №6782-KG);
16. “Баткен облусунда региондук экономикалык өнүктүрүү” долбоору - (Грант №D976-KG/ Кредит №7049-KG).

**Долбоорлор боюнча гранттык, кредиттик жана башка каражаттарды өздөштүрүүнү талдоо:**

2020-жыл үчүн 15 долбоор администрацияланган, анда каржылоонун жалпы суммасы (донордун каражаттары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кош каржылоосу жана жергиликтүү коомчулуктардын каражаттары) 30 344,3 миң АКШ долларын, же 2 552 448,9 миң сомду, өздөштүрүлгөн каражаттардын суммасы 29 357,7 миң АКШ долларын, же 2 305 208,3 миң сомду түзгөн. Бардык долбоорлор боюнча АРИСтин бюджетинин аткарылышы 96,7%ды түзгөн.

2021-жылы 14 долбоор администрацияланып, жалпы каржылоо суммасы 32 274,5 миң АКШ долларын, же 2 714 806,6 миң сомду, өздөштүрүлгөн каражаттардын суммасы 30 921,6 миң АКШ долларын, же 2 620 327,0 миң сомду түзгөн. АРИСтин бюджетинин аткарылышы 95,8%ды түзгөн.

2022-жылы 13 долбоор администрацияланып, жалпы каржылоо суммасы 27 615,7 миң АКШ долларын, же 2 322 927,7 миң сомду, өздөштүрүлгөн каражаттардын суммасы 26 576,5 миң АКШ долларын, же 2 217 138,6 миң сомду түзгөн. АРИСтин бюджетинин аткарылышы 96,2%ды түзгөн.

2023-жылы 12 долбоор администрацияланып, жалпы каржылоо суммасы 61 311,2 миң АКШ долларын, же 5 325 361,3 миң сомду, өздөштүрүлгөн каражаттардын суммасы 58 984,9 миң АКШ долларын, же 5 171 591,0 миң сомду түзгөн. АРИСтин бюджетинин аткарылышы 96,2%ды түзгөн.

*Долбоордун бюджетинин аткарылышы жана чыгымдары туралуу маалымат № 1 тиркемеде баяндалат.*

**“Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-2” долбоору боюнча**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Эл аралык айыл чарбасын өнүктүрүү фондунун (ЭАӨФ/IFAD) жана Майда жер ээлерин адаптациялоо боюнча айыл чарба программасынын Тресттик фондунун (СПАМЗС/ASAP) ортосунда “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-2” долбоорун каржылоо туралуу № 2000000438 (Кредит), № 2000000439 (Грант) № 2000000440 (тресттик грант) келишимине 2014-жылдын 7-апрелинде кол коюлган.

Аталган долбоордун негизги аткаруучу агентствосу болуп Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги эсептелет, ал эми ишке ашыруучу агенттиктери ошол эле министрликке караштуу Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү жана Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу (АРИС) каралган.

Долбоорду каржылоочу донор - Эл аралык айыл чарбасын өнүктүрүү фонду (ЭАӨФ/IFAD).

Долбоордун дизайнында көрсөтүлгөн жалпы каржылануучу каражаттын көлөмү 39,5 млн. АКШ долларын түзөт, анын ичинде кредиттин суммасы 11,0 млн. АКШ доллары (28%), грантын суммасы 11,0 млн. АКШ долларын (28%), СПАМЗС грантынын суммасы 10,0 млн. АКШ долларын (25%), Кырыз

Республикасынын Өкмөтүнүн кош каржылоо салымы 0,27 млн. АКШ долларын (1%) жана коомчулуктун салымы 7,2 млн. АКШ долларын (18%) түзөт.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун ортосунда 2015-жылдын 2-апрелинден түзүлгөн Субсидиардык келишимдин негизинде жогоруда аталган каражаттын ичинен АРИС үчүн бөлүнгөн каражаттардын көлөмү жалпысынан 26,7 млн. АКШ долларын түзөт, анын ичинде:

- IFADтын кредиттин суммасы 9,9 млн. АКШ доллары;
- IFADтын грантынын суммасы 7,6 млн. АКШ доллары;
- СПАМЗС/ASAPтын грантынын суммасы 9,2 млн. АКШ доллары.

Кредиттин шарттары ЭАӨФ/IFAD кредити ыңгайлуу жана өтө жеңилдетилген шарттарда берилүүдө - 40, 10 жылдык акысыз колдонуу мөөнөтүн кошкондо жылына 0,75%дан.

Долбоорду аяктоо мөөнөтү 2021-жылдын 31-мартына чейин 18 айга, жабылуу датасы 2021-жылдын 30-сентябрына чейин узартылган, тактап айтканда долбоордун мөөнөтү эки ирээт узартылган, биринчиси 2020-жылы COVID-19 пандемиясынын кесепетинен улам жана экинчиси коомчулуктардын жайыттарын картага түшүрүүдө пайда болгон кыйынчылыктардан жана долбоордун максаттарына жетүү үчүн алардын маанилүүлүгүн эске алуу менен, Өкмөттүн суроо-талабы боюнча ЭАӨФ 2021-жылдын 30-сентябрына иш чаранын аякташын камсыздагандай кылып долбоордун аяктоо жана жабуу мөөнөтүн узартууга уруксат берген.

**Долбоордун максаты:** аны ишке ашыруучу аймактардагы жайыт комитеттердин экономикалык өсүшүн кеңейтүүгө жана жакырчылыкты азайтууга салым кошууну көздөйт.

**Долбоордун компоненттери:**

*1 компонент:* Жайыттарды коомдук башкаруу жана туруктуулукту жогорулатуу.

*2 компонент:* Малдын ден соолугун коргоо жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу кызматтары.

*3 компонент:* Сүттүн кошумча нарк чынжырын диверсификациялоо жана өнүктүрүү.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

*1 компонент: Жайыттарды коомдук башкаруу жана туруктуулукту жогорулатуу.* Айыл өкмөттөрдүн өкүлдөрүнүн, жайыт комитеттеринин мүчөлөрүнүн, жеке ветеринарлардын, малдын ден соолугун коргоо комитеттеринин мүчөлөрүнүн потенциалын жогорулатууда бир-нече иш-чаралар өткөрүлгөн (семинар, тренинг, тегерек стол ж.б).

Жайыт комитеттеринин мүчөлөрү менен биргеликте 189 коомдук жайыттарды башкаруу жана пайдалануу пландары (ЖБПП) иштелип чыгып, тиешелүү айыл кеңештери тарабынан бекитилген. ЖБППга малдарды жайгаштыруу планы киргизилген, ал жайыт бөлүктөрүнүн сыйымдуулугуна

жараша малды жайгаштыруу жана жайыттарды сезондук ротациялык пайдалануу системасын камтыган. Долбоор алкагында 504 алкактык (рамочный) келишимдерге кол коюлуп, 1 384 микродолбоорлорду ишке ашыруу үчүн 1 597 792,27 миң сом бөлүнгөн. Долбоор тарабынан 314 даана атайын айыл чарба техникасы жана 203 даана илинүү айыл чарба техникасы сатылып алынган. Коомчулуктардын өздүк салымы долбоордун шарттарына ылайык жалпы суммадан кеминде 25 %ы түзгөн.

*2 компонент: Малдын ден соолугун коргоо жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу кызматтары.* Жеке ветеринарларга грант алуу боюнча нускама иштелип чыгып, донор тарабынан бекитилген. Жеке ветеринарларды тандоо Жайыт бирикмелери тарабынан тандалып алынып, алардын тизмеси ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча райондук башкармалыктар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ветеринария жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция менен макулдашылган. Жеке ветеринарларга 378 даана ветеринардык жабдуулар жана 378 даана мототранспорт сатылып алынып берилеген, алардын жалпы суммасы - 40 249,0 миң сомду түзгөн. Ошондой эле жеке ветеринарлар жана активист аял-фермерлер үчүн малды коргоо жана багуу, малдын ден соолугун коргоо, ветеринардык-санитардык талаптарды түшүндүрүү, жеке ветеринарлардын иш-чараларын пландаштыруу боюнча окутуулар өткөрүлгөн.

*3 компонент: Сүттүн кошумча нарк чынжыры диверсификациялоо жана өнүктүрүү.* Бул компонент алкагында жалпы 34 800,3 миң сомго 30 бизнес-сунуш бекитилип каржыланган.

Жыйынтыктап айтканда, долбоор жайыттардын сапатын жакшыртууга, фермердик чарбалардын туруктуулугун жогорулатууга, малдын ден соолугун чыңдоого, калктын азык-түлүк коопсуздугун жакшыртууга салым кошкон. Жергиликтүү калк тарабынан долбоор жогорку денгээлде деп бааланган.

**Аныкталды жана корутунду**

“Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү -1 ” жана “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-2” долбоорлорун ишке ашыруу алкагында, 2014-жылдын ноябрында бекитилген Бирдиктүү операциялык колдонмонун 3.4.1.11.1.-пунктуна ылайык, АРИС Жайыт департаменти менен кызматташтыкта жайыттардын карталарын даярдоо максатында жергиликтүү кызмат көрсөтүү үчүн жалдайт деп белгиленген, ал эми ал карталар Жайыт комитеттеринин негизги ыйгарым укугуна кирген.

Бирок, АРИС тарабынан жогорудагы белгиленген талаптардын шартын эске албастан, өзүнүн 2020-жылдын 30-ноябрындагы № 271/20 буйругу менен тендердик комиссиянын курамын Жайыт департаментинин өкүлдөрүсүз бекитип, кызмат көрсөтүүчү Консультант катары курамы “Атлас Плюс” ЖЧКсынан, “Гис про” ЖЧКсы жана “Окуу Борбору, Кеңеш берүү, инновациялар” КФсынан турган Консорциум тендердин жеңүүчүсү деп табылган.

Техникалык тапшырмада көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл, Нарын, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарын жамааттык картага түшүрүү ыкмасы менен мал жаюуга жарактуу жайыт жерлеринин иш жүзүндөгү чектерин аныктоо боюнча иштерин тендердин жеңүүчүсү жалпысынан 69 193,4 миң сом суммасына баалап утуп, келишимдери түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигинин 2022-жылдын 25-августундагы №277 буйругуна ылайык, өткөрүп берүү актыларынын негизинде Консультант тарабынан аткарылган жумуштар маалыматтык материал катары өз ишине колдонуу үчүн наркы көрсөтүлбөстөн, саны боюнча Жайыт жана асыл тукум мал чарбасы департаментинин балансына өткөрүлүп берилген.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштамасынын негизинде, АРИСтин 2024-жылдын 16-октябрындагы № 15-898 каты менен маалыматтык-картографиялык материалдарды даярдоо боюнча аткарылган иштердин актылары бааларын көрсөтүү менен жөнөтүлгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит учурунда, “Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-2” долбоорунун алкагында ишке ашырылган долбоорчолордун жыйынтыктары менен иш жүзүндө жеринен таанышып чыккан учурда, төмөнкү натыйжасыз пайдалануу учурлары аныкталган:

Баткен облусунун Кадамжай районуна караштуу Ак-Турпак айыл аймагынын Жетиген айылына жалпы бюджети 3 958,9 миң сомго, (АРИС - 2 964,6 миң сом, коомчулуктун накталай каражаты 804,2 миң сом жана натуралдык туюнтмада - 189,9 миң сом) жабдууларды сатып алуу менен мал союучу жай курулган. Аталган мал союучу бөлмө кароосуз калып жеткиликүү деңгээлде пайдаланылбай келе жатканы аныкталган, тактап айтканда ал жерде жөнөкөй эле санитардык талаптар сакталбаган, көрсөтүлгөн кызматтын эсебин чагылдыруучу журналдар жана тийиштүү бухгалдердик эсептин жүргүзүлбөгөндүгүнөн, ушул долбоордун алкагында салынып берилген мал союучу жай жергиликтүү жашоочулардын көйгөйүн чечүүгө көмөк көрсөтүүсүн тастыктоого мүмкүнчүлүк болгон жок.

Ош облусунун Араван районуна караштуу Тепе-Коргон айыл аймагынын Арап айылына жалпы бюджети 2 247,6 миң сомго, (АРИС - 1 559,3 миң сом, коомчулуктун накталай каражаты - 164,6 миң сом жана натуралдык түрдө - 523,6 миң сом) ветеринардык кызмат көрсөтүүчү жай курулган. Аталган ветеринардык кызмат көрсөтүүчү жайдын бүткөрүлгөнүнө 3 жылдан ашса дагы, айыл өкмөтү тарабынан кошумча электр мамычалары орнотулбагандыктан, электр тармагына туташтырылган эмес, атап айтканда ал имаратта жылытуучу системасынын жана тийиштүү ветеринардык даары дармектерди сактоочу муздаткычтардын жоктугунан максатына ылайык пайдаланылбай келе жатканы аныкталган.

Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Т. Зулпуев айыл аймагынын Айбек айылына жалпы бюджети 1 797,7 миң сомго, (АРИС - 1 199,0 миң сом,

коомчулуктун накталай каражаты - 265,5 миң сом жана натуралдык түрдө - 333,2 миң сом) ветеринардык сервис имараты курулган. Аталган ветеринардык сервистин имаратын Ноокат РЭСи тарабынан 2023-жылдын 24-августунда эле электр тармагынан өчүрүлгөндүгү аныкталган, атап айтканда бир жылга чукул убакыттын ичинде ал имаратта жылытуучу системасынын жана тийиштүү ветеринардык даары дармектерди сактоочу муздаткычтардын жоктугунан, максатына ылайык пайдаланылбай, китепкананын кошумча кампасы болуп колдонулуп жаткандыгы аныкталган.

Бүгүнкү күндө, айыл өкмөттөрдүн АРИСке жиберилген жазуу жүзүндөгү маалыматтарга ылайык, мал союучу жайлар жана ветеринардык сервис имараты толук кандуу иштеп жаткандыгы жөнүндө билдирилген.

**Сунуштама**

Баткен облусунун Кадамжай районуна караштуу Ак-Турпак айыл аймагынын Жетиген айылына жалпы бюджети 3 958,9 миң сомго курулган мал союучу жайын, Ош облусунун Араван районуна караштуу Тепе-Коргон айыл аймагынын Арап айылына жалпы бюджети 2 247,6 миң сомго курулган ветеринардык кызмат көрсөтүүчү жайын жана Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Т. Зулпуев айыл аймагынын Айбек айылына жалпы бюджети 1 797,7 миң сомго курулган ветеринардык сервис имаратын, айыл өкмөттөр менен бирдикте натыйжалуу пайдалануусу боюнча иш жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Датка айыл өкмөтүнүн Жайыт комитетине долбоордун алкагында жалпы бюджети 1 713,6 миң сомдук "Беларусь-МТЗ-82,1 " үлгүсүндөгү экскаватор трактору жана Жалал-Абад обусунун Токтогул районуна караштуу Үч-Терек айыл өкмөтүнүн Жайыт комитетине жалпы бюджети 1 590,4 миң сомдук "Беларусь-МТЗ-82,2 " үлгүсүндөгү трактору пайдаланууга алынып берилген бирок айыл өкмөттөрү тарабынан жогорудагы айыл чарба техникаларын мамлекеттик каттоодон өткөзбөй, тактап айтканда транспорт каражаттары каттоо жөнүндө күбөлүгүсүз колдонулуп жүргөн. 2024-жылдын ноябрында айыл өкмөттөр тарабынан кат жүзүндө мамлекеттик каттоодон өткөрүүгө кепилдик берилген.

**Сунуштама**

Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Датка айыл өкмөтүнүн Жайыт комитетине 1 713,6 миң сомдук "Беларусь-МТЗ-82,1" үлгүсүндөгү экскаватор трактору жана Жалал-Абад обусунун Токтогул районуна караштуу Үч-Терек айыл өкмөтүнүн Жайыт комитетине 1 590,4 миң сомдук "Беларусь-МТЗ-82,2" үлгүсүндөгү трактору мамлекеттик каттоодон өткөрүлүшүнө көзөмөл жүргүзүлсүн.

**"Айылды инвестициялоо-3" долбоору боюнча**

"Айылды инвестициялоо-3" долбоору жергиликтүү потенциалды биргелешип өнүктүрүүгө жана максаттуу аймактардагы сапаттуу социалдык объекттерге жетүү мүмкүнчүлүгүн жакшыртууга багытталган.

Долбоор Чүй, Талас, Нарын жана Ысык-Көл облустарынын айылдарын камтыйт.

Долбоор 2016-жылдын 26-февралында башталып, 2022-жылдын 30-июлунда аяктаган. Долбоордун жалпы каржылоо суммасы 12,0 млн. АКШ долларын түзөт, анын ичинен 6,6 млн. АКШ доллары кредит түрүндө берилген (Кредит 5601-KG) жана 5,4 млн. АКШ доллары грант түрүндө берилген (Грант D041-KG). Долбоордун каржылоосу 2022-жылдын 30-ноябрында жабылган. Долбоорду ишке ашыруу АРИС тарабынан жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасы менен Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясы (Дүйнөлүк Банк) ортосундагы каржылоо жөнүндө келишим 2015-жылдын 12-июнунда кол коюлган.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасы менен Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясы ортосундагы каржылоо жөнүндө келишимди ратификациялоо жөнүндө" Мыйзамы 2015-жылдын 5-январында кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Өнүктүрүү жана Инвестициялар агенттиги ортосунда кол коюлган Субсидиардык грант жөнүндө келишим түзүлгөн.

**Долбоордун максаттары:**

- Биргелешип өнүктүрүү жаатында жергиликтүү потенциалды өнүктүрүү
- Социалдык маанидеги сапаттуу объекттерге жеткиликтүүлүктү жакшыртуу.

**Долбоордун компоненттери:**

*1 компоненти:* Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жамааттардын потенциалын өнүктүрүү

*2 компоненти:* Айыл чарба инвестициялары

*3 компоненти:* Долбоорду башкаруу.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жамааттардын потенциалын өнүктүрүү:

- 41 тренинг өткөрүлүп, аларга 1078 адам катышкан, анын ичинен 1073 аялдар болгон. Бул тренингдер бизнес-пландоонун жана каржылык сабаттуулуктун негиздери сыяктуу темаларды камтыган.
- Нарын, Ысык-Көл, Талас жана Чүй облустарынан 149 аял-активисттер катышкан 4 алмашуу визити уюштурулган. Суроолордун жыйынтыгында, катышуучулардын 93% визиттерди "эң жакшы" деп баалашкан.
- Айыл аймактарынын башчылары, депутаттар жана микро-долбоордук топтордун лидерлери катышкан эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө боюнча 20 адистештирилген тренинг өткөрүлгөн.
- Аялдар үчүн "тең-теңине" принциби боюнча иш-чаралар өткөрүлүп, алардын темалары "Бизнес-пландоонун негиздери", "Каржылык сабаттуулук" жана аял-активисттер үчүн алмашуу визиттери болгон. Бул иш-чаралардын алкагында 41 тренинг салттуу ыкмада өткөрүлүп, анда 1078 адам, анын ичинде 1073 аял катышкан.

- Онлайн тренингдерди өткөрүү үчүн бул темалар боюнча 2 видео сабак даярдалып АРИСтин сайтындагы дистанциялык кабинетке жайгаштырылган. Ошондой эле кирүү жана чыгуу тесттери, суроо-жооптор жана катышуучулардын баалоо баракчалары иштелип чыккан. Катышуучулардын баалоо баракчаларынын жыйынтыгы боюнча канааттануу рейтинги 100% “эң жакшы” деп бааланган.

**Аныкталды жана корутунду**

Төмөндөгү объекттерде аткарылган жумуштарга кошуп жазуу менен, жалпысы **668,6 миң сомго** жумуштардын көлөмү жогорулатылган, анын ичинде:

-Талас облусунун Талас районунун А. Огомбаев айылындагы “50 орундук бала бакчанын имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “ПСО” “Адис строй” ЖЧКсы - 267,3 миң сомго;

-Чүй облусунун Москва районунун Предтеченка айылындагы “Аленка бала бакчасынын имаратын капиталдуу ондоо иштерин жүргүзүү” долбоорчосу боюнча подрядчы “Ника КГ” ЖЧКсы - 85,0 миң сомго;

-Ысык-Көл облусунун Тон районунун Ак-Сай айылындагы “100 орундук бала бакчанын имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “AT Empire” ЖЧКсы - 206,1 миң сомго;

-Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун Жыргалан айылындагы “Ичүүчү суу тутумун капиталдык оңдоодон өткөрүү” долбоорчосу боюнча подрядчы “Победа” ЖЧКсы - 50,4 миң сомго;

- Нарын облусунун Нарын районунун Жерге-Тал айылыдагы “50 орундук бала бакчанын имаратын куруу” долбоорчосу боюнча биргелешкен подрядчылар “Табан” жана ”Туран-групп“ ЖЧКлары - 29,9 миң сомго;

- Нарын облусунун Нарын районунун Дөбөлү айылындагы “50 орундук бала бакчанын энергиянын натыйжалуулугун жогорулатуу” долбоорчосу боюнча биргелешкен подрядчылар “Табан” жана “Максат Инжинириг” ЖЧКлары - 29,9 миң сомго.

*(Аудит аяктагандан кийин, жогоруда көрсөтүлгөн жогорулатылган жумуштардын көлөмү подрядчылардын эсебинен ордуна коюлган, №2 тиркеме).*

**“Шаарды өнүктүрүү” долбоору боюнча**

Шаарды өнүктүрүү долбоору 2017-жылдын 18-мартында башталып, 2021-жылдын 30-сентябрында аяктаган (алгач пландаштырылган аяктоо датасы 2020-жылдын 31-декабры болгон). Долбоорго бөлүнгөн грант жана кредиттин номерлери: IDA-57620 (кредит) жана IDA-D1010 (грант).

Долбоордун донору Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы (IDA) болуп саналат. Долбоор Сулюкта, Кербен, Токтогул жана Балыкчы шаарларын камтыган. Долбоордун жалпы бюджети 14,4 млн. АКШ долларды түзгөн, бирок каржылоодогу өзгөрүүлөргө байланыштуу 13,6 млн. АКШ долларга кайра каралган.

Долбоордун негизги максаты - муниципалдык кызматтардын сапатын жакшыртуу жана катышуучу шаарларда шаардык инфраструктуранын энергетикалык натыйжалуулугун жана сейсмикалык туруктуулугун жогорулатуу боюнча пилоттук иш-чараларды өткөрүү болгон.

**Долбоордун максаттары:**

- Муниципалдык кызматтардын сапатын жакшыртуу
- Шаардык инфраструктуранын энергетикалык натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча пилоттук иш-чаралар
- Шаардык инфраструктуранын сейсмикалык туруктуулугун жогорулатуу боюнча пилоттук иш-чаралар.

Жалпысынан долбоор шаардын туруктуу жана коопсуз чөйрөсүн түзүүгө, табигый кырсыктардын жана климаттын өзгөрүшүнүн тобокелдиктерин эске алууга, ошондой эле муниципалдык кызматтардын сапатын жакшыртуу аркылуу калктын жашоо сапатын жогорулатууга багытталган.

**Долбоордун компоненттери:**

*А компоненти:* Шаарды өнүктүрүү

*В компоненти:* Институционалдык чыңдоо.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

*Суу менен камсыздоо системасын модернизациялоо:* Суу берүү убактысы Сүлүктү жана Кербен шаарларында суткасына 2-3 сааттан 8-10 саатка чейин көбөйдү. Кербенде 133 км магистралдык суу түтүктөрү жана Сулюкта 22 км суу түтүктөрү калыбына келтирилип, модернизацияланды, ошондой эле ар бир шаарда 60 км ашык суу бөлүштүрүүчү түтүктөр калыбына келтирилди. Долбоордун натыйжасында 2 901 үй-бүлө суу менен камсыздалган, анын ичинен 1 701 үй-бүлө Сүлүктү жана 689 үй-бүлө Кербенде.

*Катуу таштандыларды чогултуу жана чыгаруу системасын жакшыртуу:* 4 катышкан шаарда 41 200 адам (анын ичинде 21 000 аял) катуу таштандыларды үзгүлтүксүз чогултуу жана чыгаруу кызматына жеткиликтүүлүккө ээ болушту. Бул үчүн 10 атайын унаа сатып алынып, шаарлардын калкын жума сайын жок дегенде эки жолу үзгүлтүксүз тейлөө менен камтуу мүмкүн болду.

*Шаардык инфраструктуранын энергетикалык натыйжалуулугун жогорулатуу:* Токтогул жана Балыкчы шаарларында 151 км жолдордо көчө жарыктандыруу жакшыртылып, 5 000ден ашуун адамга пайда алып келди. 4 мектеп жана 2 бала бакча модернизацияланып, 4 000ден ашуун адамга, анын ичинде окуучулар менен мугалимдерге шарттар жакшыртылды. Модернизацияланган инфраструктуранын иштөө мөөнөтү ичинде 18 000 МВт/с энергия үнөмдөлдү, бул 16 414 МВт/с болгон максаттуу көрсөткүчтөн ашып түшкөн.

*Имараттардын сейсмикалык туруктуулугун жогорулатуу:* Токтогул жана Балыкчы шаарларындагы 4 мектеп жана 2 бала бакча бекемделип, 4 000ден ашуун адамга, анын ичинде окуучулар менен мугалимдерге

коопсуздук шарттары жакшыртылды. Имараттар жаңы эмеректер жана IT жабдуулар менен жабдууланып, окуу жана иштөө шарттары жакшыртылды.

*Энергияны үнөмдөө боюнча пландарды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу:* Балыкчы, Токтогул жана Сүлүктү шаарларында электр энергиясын үнөмдөө боюнча пландар иштелип чыгып, ишке ашырылды.

*Окутуу жана потенциалды жогорулатуу:* 7 окутуу иш-чарасы өткөрүлдү, бул башында пландалган 6 иш-чарадан ашып түшкөн. Бул иш-чараларга 100дөн ашуун мамлекеттик кызматкерлер жана муниципалитеттердин кызматкерлери катышып, алардын квалификациясын жогорулатууга өбөлгө түзүлгөн.

**Аныкталды жана корутунду** (Сүлүктү шаары)

Төмөндөгү объекттерде аткарылган жумуштарга кошуп жазуу менен, жалпысы **201,0 миң сомго** жумуштардын көлөмү жогорулатылган, анын ичинде:

- “Сүлүктү шаарынын суу менен жабдуу системасын жакшыртуу” долбоорчосунун *(ЛОТ № 3)* суу түтүктөрүн орнотуу боюнча подрядчылар “Сафари” ЖЧКсы жана “СПК Адис” ЖЧКсы - 55,3 миң сомго;
- “Сүлүктү шаарынын суу менен жабдуу системасын жакшыртуу” долбоорчосунун *(ЛОТ № 4)* суу түтүктөрүн орнотуу боюнча подрядчылар “Импульс Ош” ЖЧКсы жана “Кайнар” ЖЧКсы - 3,9 миң сомго;
- “Сүлүктү шаарынын суу менен жабдуу системасын жакшыртуу” долбоорчосунун *(ЛОТ № 5)* суу түтүктөрүн орнотуу боюнча подрядчылар консорциум “Югстройсервис” ААКсы жана “Алга Билд” ЖЧКсы - 75,0 миң сомго;
- “Сүлүктү шаарынын суу менен жабдуу системасын жакшыртуу” *(ЛОТ № 4)* долбоорчосунун суу түтүктөрүн орнотуу боюнча подрядчылар “Импульс Ош” ЖЧКсы жана “Кайнар” ЖЧКсы - 28,9 миң сомго;
- “Сүлүктү шаарынын суу менен жабдуу системасын жакшыртуу” долбоорчосунун *(ЛОТ № 2)* алкагында суу түтүктөрүн орнотуу боюнча подрядчы “Кайнар” ЖАКсы - 19,6 миң сомго;
- “Сүлүктү шаарынын суу менен жабдуу системасын жакшыртуу” *(ЛОТ № 2)* долбоорчосунун суу түтүктөрүн орнотуу боюнча подрядчы “Кайнар” ЖАКсы - 18,3 миң сомго.

*(Аудит аяктагандан кийин, жогоруда көрсөтүлгөн жогорулатылган жумуштардын көлөмү подрядчылардын эсебинен ордуна коюлган, №3 тиркеме).*

**Аныкталды жана корутунду** (Токтогул шаары)

Токтогул шаарындагы “Ж. Бөкөнбаев атындагы №2 орто мектебинин сейсмикалык коопсуздукту жогорулатуу, энергиянын натыйжалуугун жогорулатуу жана пилоттук мектепти капиталдык оңдоо” долбоорчосунун алкагында “Кайнар” ЖЧКсы тарабынан суу түтүктөрүн орнотуу боюнча аткарылган жумуштары кошуп жазуу менен, көлөмү **127,5 миң сомго** жогорулатылган. *(Аудит аяктагандан кийин, жогоруда көрсөтүлгөн*

*жогорулатылган жумуштардын көлөмү подрядчынын эсебинен ордуна коюлган, №3 тиркеме).*

"**Суу менен камсыз кылууну туруктуу өнүктүрүү" негизги каржылоо долбоору боюнча**

Бул долбоор айылдык суу менен камсыздоо жана санитария секторуна инвестицияларды кеңейтүүгө, жаңы аймактарды жана райондорду камтууга, ошондой эле айылдык суу менен камсыздоо жана санитария секторунун мамлекеттик өнүктүрүү стратегиясын ишке ашырууга колдоо көрсөтүүгө багытталган.

Долбоор 2017-жылдын 3-февралында башталып, 2025-жылдын 30-июнунда аяктайт. Географиялык камтуу Ош, Чүй жана Ысык-Көл облустарындагы 39 айылдын аймагын камтыйт.

Долбоордун донору – Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясы (ЭӨА).

Жалпы долбоордун бюджети 26,4 млн. АКШ долларын түзөт, анын ичинде 12,9 млн. АКШ доллар кредит түрүндө (SRWSSDP Credit 5907-KG) жана 10,6 млн. АКШ доллар грант түрүндө (SRWSSDP Grant D138-KG) берилет. Долбоор ошондой эле Кыргыз Республикасынын салымы катары 2,9 млн. АКШ долларын камтыйт.

Долбоор төмөнкү келишимдердин негизинде ишке ашырылууда: SRWSSDP Credit 5907-KG жана SRWSSDP Grant D138-KG каржылоо келишимдери (2016-жылдын 26-октябры) Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 21-декабрындагы "Каржылоо келишимин ратификациялоо жөнүндө" Мыйзамы менен ратификацияланган. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттигинин ортосундагы Субсидиардык грант боюнча келишим 2017-жылдын 30-январында түзүлгөн.

**Долбоордун максаттары төмөнкүлөргө багытталган:**

- Коопсуз суу менен камсыздоого жеткиликтүүлүктү кеңейтүү
- Санитардык шарттарды жакшыртуу
- Айылдык суу менен камсыздоо жана санитария секторун өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик стратегияны ишке ашырууга колдоо көрсөтүү
- Институционалдык потенциалды күчөтүү.

**Долбоордун компоненттери:**

*1 компонент:* Суу менен камсыздоого инвестициялар

*2 компонент:* Санитарияны өнүктүрүү

*3 компонент:* Институционалдык бекемдөө

*4 компонент:* Долбоорду башкаруу.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

Долбоорду ишке ашыруу суу менен камсыздоо боюнча мамлекеттик программага олуттуу таасир тийгизип, анын максаттарына жетүүгө маанилүү салым кошууга жана негизги багыттар боюнча прогрессти тездетүүгө мүмкүнчүлүк жаратты.

*Мамлекеттик стратегияны ишке ашырууну тездетүү:*

Долбоор Ош, Чүй жана Ысык-Көл облустарындагы 39 айылдын аймагын камтып, мамлекеттик программанын географиялык камтуусун олуттуу кеңейтти. Бул 104 645 адамды коопсуз суу менен камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берди жана мамлекеттик стратегияда коюлган милдеттердин аткарылышын тездетти.

*Суу менен камсыздоого жана санитарияга жеткиликтүүлүктү жогорулатуу:*

Долбоордун алкагында 28 айылда суу менен камсыздоо системалары курулуп жана калыбына келтирилип, 78 389 адамды ичүүчү суу менен ишенимдүү камсыз кылды. Бул жыйынтык мамлекеттик программанын айыл калкын коопсуз ичүүчү суу менен камсыздоо максатына колдоо көрсөтүп, программаны жалпы камтууну олуттуу жогорулатты.

*Сектордун институционалдык жактан бекемделиши жана инфраструктуранын өнүгүшү:*

Долбоордун алкагында 12 муниципалдык суу менен камсыздоо ишканасы (СКИ) түзүлүп жана жабдылды, Ош облусундагы Гульбаар жана Отуз Адыр айылдарында дагы 2 СКИ түзүлөт. Бул ишканалар техникалык жабдуулар менен камсыздалып, алардын суу менен камсыздоо системаларын башкаруу жана тейлөө мүмкүнчүлүктөрүн олуттуу жакшыртты. СКИ кызматкерлерин окутуу алардын квалификациясын жана суу ресурстарын натыйжалуу башкаруу жөндөмдүүлүгүн жогорулатты.

*Санитардык шарттарды жакшыртуу аркылуу оорулардын деңгээлин төмөндөтүү:*

28 мектепте жана бала бакчаларында санитардык объекттерди калыбына келтирүү 12 882 000ден ашуун балага жана 1000ге жакын мугалимге жана кызматкерлерге шарттарды жакшыртты. 20 райондук санитардык-эпидемиологиялык борборлорго лабораториялык жана санитардык жабдууларды берүү санитардык абалды сапаттуу көзөмөлдөөгө жана оорулардын тобокелдигин азайтууга жардам берди, бул мамлекеттик программада коюлган коомдук саламаттыкты сактоо максаттарын түздөн-түз колдоду.

**Аныкталды жана корутунду**

Төмөндөгү объекттерде аткарылган жумуштарга кошуп жазуу менен, жалпысы **137,0 миң сомго** жумуштардын көлөмү жогорулатылган, анын ичинде:

- "Ачык-Суу" долбоорчосу боюнча "Инженерная защита" ЖЧКсы - 30,0 миң сомго;
- "Ак-Булак" долбоорчосу боюнча "Импульс-Ош" ЖЧКсы - 19,8 миң сомго;
- "Корул" долбоорчосу боюнча Лот 1 "Инженерная защита" ЖЧКсы - 49,8 миң сомго;
- "Корул" долбоорчосу боюнча Лот 2 "Инженерная защита" ЖЧКсы - 37,4 миң сомго.

*(Аудит аяктагандан кийин, жогоруда көрсөтүлгөн жогорулатылган жумуштардын көлөмү подрядчылардын эсебинен ордуна коюлган, №2 тиркеме).*

**“Айылдарды туруктуу өнүктүрүү” долбоору боюнча**

“Туруктуу айылдарды өнүктүрүү” долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жакырчылыкка каршы күрөшүү жана “Миң жылдыктын өнүгүү максаттарына” жетүү боюнча аракеттерин колдоого багытталган. Долбоордун негизги максаты - Чүй облусунун Жайыл, Кемин жана Панфилов райондорундагы айылдар тобун камтыган пилоттук зонада жакырчылыкты азайтуу. Долбоор болжол менен 118 000 айыл тургунун камтып, алар долбоордун бенефициарлары болушат. Долбоордун географиялык чөйрөсү Чүй облусун, анын ичинде Жайыл, Кемин жана Панфилов райондорун камтыйт.

Долбоор боюнча Кредиттик макулдашууга 2014-жылдын 25-июнунда кол коюлган, ал эми Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн макулдашууну ратификациялоо жөнүндө токтому 2015-жылдын 14-июлунда кабыл алынган. Долбоор беш жылдык мезгилге эсептелген. Долбоордун жалпы бюджети 11,0 млн. АКШ долларын түзөт, анын 6,0 млн. АКШ долларын Ислам Өнүктүрүү Банкы, 3,0 млн. АКШ долларын Ислам Өнүктүрүү Фонду жана 2,0 млн. АКШ долларын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү берет.

Долбоор төрт негизги компонентти камтыйт: блоктук каржылоо, потенциалды жогорулатуу, мониторинг жана баалоо, ошондой эле долбоорду башкарууну колдоо.

Долбоор төмөнкү макулдашуулардын негизинде иш алып барат:

- Ислам Өнүктүрүү Банкы (ИӨБ) менен Кредиттик макулдашуу: 2014-жылдын 25-июнунда кол коюлган.
- Кредиттик макулдашууну ратификациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому: 2015-жылдын 2-апрелинде кабыл алынган.
- Кредиттик макулдашууну Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификациялоо: 2015-жылдын 17-июнунда болгон.
- Кредиттик макулдашууну ратификациялоо жөнүндө мыйзамга Кыргыз Республикасынын Президентинин кол коюусу: 2015-жылдын 14-июлунда.

**Негизги максаттар:**

- Жакырчылыкты кыскартуу
- Негизги кызматтарга жеткиликтүүлүктү жакшыртуу
- Билим берүү жана саламаттык деңгээлин жогорулатуу
- Айыл чарбасын өнүктүрүү жана кирешелерди көбөйтүү
- Социалдык-экономикалык инфраструктураны жакшыртуу.

**Долбоордун компоненттери:**

*А компоненти:* Блоктук каржылоо

*В компоненти:* Потенциалды жогорулатуу

*C компоненти:* Мониторинг жана баалоо

*D компоненти:* Долбоорду башкарууга колдоо көрсөтүү

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

Долбоордун камтуу зонасында, тактап айтканда Чүй облусунун Жайыл, Кемин жана Панфилов райондорунун айылдарында, коомчулуктардын конкреттүү керектөөлөрүн эске алуу менен иштелип чыккан, коомчулуктардын жетекчилиги астында төмөн бюджеттик, туруктуу иш-чараларды ишке ашыруу аркылуу пилоттук негизде жакырчылыкты кыскартуу болуп саналат. Төмөндө, айрыкча саламаттыкты сактоо, билим берүү, кирешени жогорулатуу жана айыл чарба жашоо стандарттары боюнча күтүлгөн негизги жыйынтыктар бар:

- Долбоорду ишке ашыруунун бардык мезгилинде энелердин жана балдардын өлүмүнүн олуттуу пайыздык кыскарышы;
- Окуучулардын санынын олуттуу өсүшү, ошондой эле долбоордун камтуу аймагында башталгыч жана базалык орто билим алган эки жыныстагы окуучулардын саны жогору;
- Үч максаттуу райондо жакыр үй чарбаларынын киреше деңгээлинин олуттуу жакшырышы;
- Тандалган райондордогу фермерлердин олуттуу санынын арасында түшүмдүн жана мал чарба продукциясынын санын жана сапатын жакшыртуу;
- Долбоор камтылган аймактарда жана тандалган айылдардын блогунда социалдык-экономикалык инфраструктура жана базалык кызмат көрсөтүүлөр (саламаттык сактоо, билим берүү, транспорт ж.б.) кыйла жакшырды.

Долбоордун алкагында фельдшердик-акушердик пункттарды, спорт залдарды куруу, 50 орундуу бала бакчаларды куруу, 100 орундуу бала бакчаларды куруу, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратын, маданият үйүн оңдоо, бала бакчаларды капиталдык оңдоо, “Сай” каналын оңдоо, “Люцерна” каналын оңдоо, Р-1, Р-2, Р-3 каналдарын оңдоо, “Боролдой” жол боюндагы комплексин куруу ишке ашырылган ошону менен бирге долбордун алкагында жогорудагы көрсөтүлгөн иш чаралар толугу менен сапаттуу иш жүзүндө толугу менен аткарылган.

**Аныкталды жана корутунду**

Төмөндөгү объекттерде аткарылган жумуштарга кошуп жазуу менен, жалпысы **1 250,9 миң сомго** жумуштардын көлөмү жогорулатылган, анын ичинде:

- Чүй облусунун Панфилов районунун Кайынды шаарындагы “Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Шер-Курулуш” ЖЧКсы - 293,8 миң сомго;
- Чүй облусунун Панфилов районунун Күрпүлдөк айыл аймагынын, Ровное айлындагы “50 орундуу бала-бакча имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Шер-Курулуш” ЖЧКсы - 109,5 миң сомго;

- Чүй облусунун Кемин районунун Чым-Коргон айыл аймагынын, Новомихайловка айылындагы “100 орундук баштапкы мектеп имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “УКС” ЖЧКсы - 60,1 миң сомго;
- Чүй облусунун Панфилов районунун Курпүлдөк айыл аймагынын, Первомайское айлындагы “50 орундуу бала-бакча имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Шер-Курулуш” ЖЧКсы - 213,3 миң сомго;
- Чүй облусунун Панфилов районунун Курама айыл аймагынын, Панфиловское айлындагы “100 орундуу бала-бакча имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Шер-Курулуш” ЖЧКсы - 370,6 миң сомго;
- Чүй облусунун Кемин районунун Кызыл-Октябрь айыл аймагынын, Кашкелен айлындагы “100 орундук бала-бакча имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Шер-Курулуш” ЖЧКсы - 203,6 миң сомго.

**Сунуштама**

“Айылдарды туруктуу өнүктүрүү” долбоорунун алкагында аткарылган жумуштардын жогорулатылган көлөмдөрү төмөндөгү подрядчылардын эсебинен ордуна коюлсун: Панфилов районунун Кайыңды шаарындагы “Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Шер-Курулуш” ЖЧКсынан - 293,8 миң сом, Панфилов районунун Күрпүлдөк айыл аймагынын, Ровное айлындагы “50 орундуу бала-бакча имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Шер-Курулуш” ЖЧКсынан - 109,5 миң сом, Кемин районунун Чым-Коргон айыл аймагынын Новомихайловка айылындагы “100 орундуу баштапкы мектеп имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “УКС” ЖЧКсынан - 60,1 миң сом, Панфилов районунун Курпүлдөк айыл аймагынын Первомайское айлындагы “50 орундук бала-бакча имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Шер-Курулуш” ЖЧКсынан - 213,3 миң сом, Панфилов районунун Курама айыл аймагынын Панфиловское айлындагы “100 орундук бала-бакча имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Шер-Курулуш” ЖЧКсынан - 370,6 миң сом, Кемин районунун Кызыл-Октябрь айыл аймагынын Кашкелең айлындагы “100 орундуу бала-бакча имаратын куруу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Шер-Курулуш” ЖЧКсынан - 203,6 миң сом.

**Айылдарды ичүүчү суу менен камсыздоону жана санитарияны жакшыртуу долбоору боюнча**

Долбоор Жалал-Абад облусунун 24 айылын суу менен камсыздоо, санитария жана гигиенаны жакшыртууга багытталган. Долбоор 2017-жылдын 24-августунда башталып, 2023-жылдын 30-июнунда аяктаган.

Долбоордун донору-Ислам Өнүктүрүү Банкы (ИӨБ). Долбоордун жалпы бюджети 23,0 млн. АКШ долларын түзөт, анын 15,0 млн. АКШдоллары Ислам Өнүктүрүү банкынан (ИӨБ1013) кредит, 5,0 млн. АКШ доллары өнүгүү максатында тилектештик ислам фонду (ӨМТИС) кредит түрүндө берилген. Гранттык каржылоо каралган эмес, ал эми Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн салымы 3,0 млн. АКШ долларын түзөт.

Долбоорду ишке ашыруу төмөнкү макулдашуулардын негизинде ишке ашырылган:

ИӨБ менен кредиттик келишимиге 2017-жылдын 25-май айында кол коюлган, күчүнө кирүү датасы 2017-жыдын 24-августу. Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 30-июнундагы “Кредиттик макулдашууну ратификациялоо жөнүндө” Мыйзамы менен ратификацияланган. Долбоор аяктаган.

**Долбоордун максаттарына төмөндөгүлөр камтылган:**

- Таза суу менен камсыз кылууга жеткиликтүүлүктү жакшыртуу
- Санитардык жана гигиеналык шарттарды жакшыртуу
- Долбоордун аймагында суу менен камсыз кылуу системасынын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн техника жана жабдуулар менен камсыз кылуу, маанилүү техника жана жабдуулар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана райондук СЭС үчүн сатылып алынган.
- Институционалдык базаны чыңдоо
- Санитария жана институционалдык өнүгүү жаатындагы потенциалды жогорулатуу.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

“Айылды суу менен камсыздоону жана санитарияны жакшыртуу долбоору” ишке ашырылган бардык жамааттарда таза сууга жеткиликтүүлүктү, гигиена жана санитария стандарттарын, тамактанууну жана жүрүм-турум көндүмдөрүн жакшыртууну кошкондо, оң социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр байкалат.

- Ичеги-карын инфекцияларынын деңгээли төмөндөп, калктын жалпы ден-соолугу. Бенефициарлар долбоордун аялдар үчүн пайдасын белгилешет. Суу түтүктөрү жок болгон айылдарда күнүмдүк керектөөлөр үчүн суу ташып келүү - эмгекти көп талап кылган жана потенциалдуу кооптуу иш - салтка айланган. Муну менен аялдардын билим алууга, акы төлөнүүчү жумушка, көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жана эс алууга сарптай турган убактысы кыскарды. Долбоордун ишке ашырылышы менен аялдар экономикалык жана социалдык потенциалды ишке ашыруу үчүн колдоно турган убакыт жана энергияга ээ болушту. Негизинен айылдык жамааттардын жашоо сапатын жогорулашына көмөк түзүлдү.

- Максаттуу айылдардын үй чарбаларын суу менен камсыздоо системасына кошуу сууну керектөөгө кеткен чыгымдарды кыскартты, көчө колонкаларынын жокко чыгышы, суу эсептегичтерин орнотуу, суу пайдалануунун натыйжалуулугун камсыз кылуучу чаралар боюнча калк менен маалыматтык иштерин жүргүзүү натыйжасында - үй-бүлөлүк бюджетти үнөмдөөгө түрткү болду.

- Сууга жана санитарияга болгон укуктарды ишке ашыруудан тышкары, бул долбоорду ишке ашыруунун артыкчылыктары жашоо-тиричиликке болгон мүмкүнчүлүктөрдү жана жаңы жумуш орундарын түзүүнү камтыйт.

- Долбоор өлкөдө бизнес жүргүзүү шарттарын жакшыртууга жана коммерциялык ишканалардын ишенимдүү суу менен камсыз болуусун

жеңилдетүү жолу менен ички экономиканын өсүшүн стимулдаштырууга өбөлгө түзөт. Долбоорду ишке ашыруу региондору тамак-аш өнөр жайында кошумча нарк чынжырын өнүктүрүү үчүн чоң потенциалга ээ, бирок азыркы учурда алар суу менен камсыздоонун базалык инфраструктурасынын жоктугунан жетишсиз өнүккөн.

- Долбоордун жыйынтыктары "Суу жана санитария бардыгы үчүн" ТӨМдүн 6-максатына жетүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн максаттарын колдоду.

Төмөндөгү объекттерде аткарылган жумуштарга кошуп жазуу менен, жалпысы **156,4 миң сомго** жумуштардын көлөмү жогорулатылган, анын ичинде:

- "Жаңы-Жол" долбоорчосу боюнча 2-Лот "Азиястройкомплекс" ЖЧКсы - 18,3 миң сомго;
- "Жаңы-Жол" долбоорчосу боюнча 3-Лот "Югстройсервис" ЖЧКсы - 19,8 миң сомго;
- "Жерге-Тал" долбоорчосу боюнча 2-Лот биргелешкен подрядчылар "Архстройинвест" жана "Ак-Бата" ЖЧКлары - 19,5 миң сомго;
- "Достук" долбоорчосу боюнча 2-Лот "Югстройсервис" ААКсы - 15,8 миң сомго;
- "Достук" 3-Лот долбоорчосу боюнча "Азиястройкомплекс" ЖЧКсы - 21,2 миң сомго;
- "Чарбак" долбоорчосу боюнча 1-Лот объектиси боюнча "Кайнар" ЖАКсы -14,6 миң сомго;
- "Кара-Тектир" долбоорчосу боюнча "Победа" ЖЧКсы - 16,2 миң сомго;
- "Көтөрмө" долбоорчосу боюнча "Победа" ЖЧКсы - 16,6 миң сомго;
- "Беш-Мойнок" долбоорчосу боюнча 1-Лот - "Архстройинвест" ЖЧКсы - 14,4 миң сомго;.

*(Аудит аяктагандан кийин, жогоруда көрсөтүлгөн жогорулатылган жумуштардын көлөмү подрядчылардын эсебинен ордуна коюлган, №4 тиркеме).*

### "**Рынокторго чыгууну камсыздоо" (РЧК) долбоору боюнча**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Эл аралык айыл чарбасын өнүктүрүү фондусунун (ЭАӨФ/IFAD) ортосунда "Рынокторго чыгууну камсыздоо" долбоорун каржылоо туралуу № 2000001756 (грант), № 2000001757 (кредит) келишими 2017-жылдын 21-августунда кол коюлган.

Аталган долбоордун негизги аткаруучу агентствосу болуп Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги эсептелет, ал эми ишке ашыруучу агентстволору ошол эле министрликке караштуу Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү (ОРСП) жана Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу каралган.

Долбоорду каржылоочу донор - Эл аралык айыл чарбасын өнүктүрүү фонду (ЭАӨФ/IFAD).

Долбоордун дизайнында көрсөтүлгөн жалпы каржылануучу каражаттын көлөмү 55,4 млн. АКШ долларын түзөт, анын ичинде кредиттин суммасы 12,7 млн. АКШ доллары (23%), грантын суммасы 12,7 млн. АКШ доллары (23%), техникалык жардамдын суммасы 20,0 млн. АКШ доллары (36%), Кырыз Республикасынын Өкмөтүнүн кош каржылоо салымы 1,6 млн. АКШ доллары (3%) жана бенефициардын салымы 8,3 млн. АКШ доллары (15%).

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун ортосунда 2018-жылдын 19 октябрында түзүлгөн Субсидиардык келишимдин негизинде жогоруда аталган каражаттын ичинен АРИС үчүн бөлүнгөн каражаттардын көлөмү жалпысынан 8 457,0 миң АКШ долларын түзөт, анын ичинде:

- кредиттин суммасы  3490,0 миң. АКШ доллары;
- гранттын суммасы 4967,0 миң. АКШ доллары.

Кредиттин шарттары ЭАӨФ/IFAD кредити жагымдуу жеңилдетилген шарттарда 40 жылга берилген, анын ичинде мөөнөтүн узартуу мезгили 10 жылга барабар, жылына 0,75%.

Долбоордун географиялык камтуусунда Кыргыз Республикасынын баардык региондорунан кызыкдар адамдар катыша алаары белгиленген.

Эл аралык айыл чарбасын өнүктүрүү фонду (ЭАӨФ/IFAD) тарабынан “Рынокторго чыгууну камсыздоо” долбоорун каржылоо жөнүндөгү 2017-жылдын 21-августундагы Келишим Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 24-апрелиндеги “Кредиттик макулдашууну ратификациялоо жөнүндө Мыйзамы  менен ратификацияланган.

Долбоорду ишке ашыруунун баштапкы пландаштырылган мөөнөтү болуп 2018-жылдын 5-июнуна тартып 2023-жылдын 30-июнуна чейин каралган, бирок долбоорду ишке ашыруу учурунда аяктоо мөөнөтү 12 айга узартылып, тактап айтканда  2024-жылдын 30-июну белгиленген, ал эми долбоордун толук жабылышынын  мөөнөтү болуп 2024-жылдын 31-декабры бекитилген.

Долбоордун максаты жайыт коомчулуктарында кирешелердин өсүшүнө жана экономикалык өсүштү жогорулатууга көмөк көрсөтүү болуп саналат, ал эми Долбоорду өнүктүрүүнүн максаты болуп чакан фермерлердин кирешелерин көбөйтүүдөгү тең укуктуулукка жеткизүү максатында алардын өз продукцияларын сатууда кирешелүү рынокторго чыгуудагы интеграциясын жакшыртуу.

**Долбоордун компоненттери:**

*1 компонент:* Мал чарба продукциясынын кошумча нарк чынжырчасын өнүктүрүү башкаруучулук көндүмдөрдү күчөтүүнү, суроо-талапка багытталган технологияларга жетүүнү жакшыртуу, ошондой эле мал чарба продукциясынын кошумча нарк тизмегинин катышуучуларынын (өндүрүүчүлөр, продукция жыйноочулар, соодагерлер, кайра иштетүүчүлөр) арасында байланыштарды жана өнөктөштүк мамилелерди төмөнкүлөр аркылуу кеңейтүү

*2 компонент:* Эки чакан компоненттен турган мал чарба продукциясынын кошумча нарк тизмегин каржылоо:

*3 компонент*: Кыргызстандын мал чарбачылыгынын санитардык системасын модернизациялоо.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү жана ЭАӨФ/ IFAD тарабынан алдыңкы уюмдардын 24 Жол картасына жана жетектөөчү уюмдардын/агро-ишканалардын, фермердик топтордун/кооперативтердин, жеке ветеринарлардын 142 Гранттык сунуштамалары жактырылган жана аларды ишке ашыруу үчүн АРИСке берилген.

Бүгүнкү күндө бекитилген 142 Гранттык сунуштамалардын ичинен 23 Грант алуучу долбоорго катышуудан жана гранттык каражаттарды алуудан баш тартышкан. Негизги себеби - өздүк салымдын жоктугу.

Жетектөөчү уюмдардын бекитилген жалпы 18 гранттык сунуштамаларынын ичинен басымдуу бөлүгү болуп 8 грант алуучу Чуй облусунан тандалып алынып жалпысынын 44,4% түзгөн, 3 грант алуучу Ысык-Көл облусунан тандалып алынып 16,7% түзгөн, Талас жана Нарын облустарынан 2ден, ал эми Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынан 1ден жетектөөчү уюмдардын Гранттык сунуштамалары жактырылган.

Айыл чарба кооперативтеринин бекитилген жалпы 101 Гранттык сунуштамаларынын ичинен басымдуу бөлүгү болуп 27 грант алуучу Ысык-Көл облусунан тандалып алынып жалпысынын 26,7% түзгөн, 20 грант алуучу Чуй облусунан тандалып алынып 19,8% түзгөн, Нарын облусунан - 16, Ош - 13, Талас жана Жалал-Абад - 10дон, Баткен облусунан - 5 айыл чарба кооперативтеринин Гранттык сунуштамалары жактырылган.

2023-жылы "Жүн жана жүндү кайра иштетүү" багыты боюнча 4 Гранттык Сунуштама жактырылган - "Жайчы", "ТҮП-ОФРМ", "Дөөлөт-Чон-Алай", "Аманбай-ОФРМ" АЧККлары. Бүгүнкү күндө "Дөөлөт-Чоң-Алай" АЧККсы долбоорго катышуудан жана грант алуудан баш тартты. Негизги себеби катары өздүк салымдын жоктугу жана майда мүйүздүү жандыктарды багуу үчүн сарай курууга тиешелүү уруксат кагаздарынын жоктугу.

2023-жылы негизинен Гранттык сунуштамаларга тендерлер өткөрүлгөн жана каржыланган. Долбоор башталгандан тартып жалпы 509 контрактка 7 079 ,7 миң АКШ доллары суммасына, алардын ичинен 2023-жылы 408 контрактка 5 209,4 миң АКШ долларына кол коюлган. РЧКнын конкурстук гранттар программасына ылайык бардык тендердик жол-жоболорду грант алуучулар өздөрү жүргүзүшкөн. Буга байланыштуу АРИС тарабынан жеринде тендердик жол-жоболорду өткөрүүдө техникалык жана консультациялык жардам көрсөтүлгөн.

Долбоордо жалпысынан 119 Гранттык сунуштама ишке ашырылууда, анын жалпы бюджети 13 969,5 миң АКШ доллары, анын ичинен РЧК грантынын каражаттары 7 265,9 миң АКШ долларын жана грант алуучулардын өздүк салымынын суммасы 6 706,6 миң АКШ долларын түзөт.

Бекитилген 119 Гранттык сунуштамалардын ичинен:

- 12 Гранттык сунуштама толук ишке ашырылган (Жетектөөчү уюм “Рейна Кенч”, “Чүй Таза бал”, “Ысык- Ата Органикс”, “Красная Речка”, “Келечек Жерден”, АЧКК “Балтагулов жаштары”, “Ак Сай сүт”, “Достук Кара Арча”, “Достук Жаны- Шаар”, “Көк-Арт- Сүт”, “Айыл Сервис”, “Алексеевка Сүт” АЧККлары);
- 20 Гранттык сунуштамалардын кооператив мүчөлөрүн окутуудан сырткары баардык бөлүктөрү аткарылган - (“Алай Тоо Асели”, “Чон Алай Балы”, “Бал”, “Бал Рековер”, “Шароле”, “Ордо Сай”, “Канат Агро”, “Киреше Булак”, “Бай Ордо”, “Демилге Ырыскы” АЧКК, “Байым Агро” АЧКК, “Шаркыратма”, “Челпек Агро”, “Агро 792”, “Швиц Марк”, АЧКК “Бийиктик”, “Тоң Берекеси”, “Нур Аман Тур”, “Чон Алыш Ынтымагы”, “Кайрат” АЧККлары);
- 3 Грант алуучулардын гранттык бөлүгү төлөнгөн, бирок өздүк салым толук камсыз боло элек (Жетектөөчү уюм “Лестер” АЧККсы, “Кант Сут” ЖЧКсы, Жетектөөчү уюм “Баркад” ЖЧКсы);
- 84 Гранттык сунуштама ишке ашыруу процессинде.

Төлөнгөн каражаттардын жалпы суммасы 8 950,6 миң АКШ доллары, анын ичинен долбоордун гранттык каражаттары 4 562,1 миң АКШ доллары, Грант алуучулардын өздүк салымы 4 388,4 миң АКШ доллары.

2023-жылы жүргүзүлгөн төлөмдүн суммасы 6 852,1 миң АКШ доллары, анын ичинен долбоордун гранттык каражаттары 3 933,3 миң АКШ доллары, Грант алуучулардын өздүк салымы 2 918,8 миң АКШ доллары. Мындан сырткары, 920,5 миң АКШ долларына контракттар түзүлгөн.

2023-жылдын соңуна Гранттык сунуштамалардын жалпы ишке ашырылышы 64%ды түзөт, (жалпы Гранттык сунуштамалардын суммасы 13 969,5 миң АКШ доллары). Ал эми РЧКнын гранттык бөлүгү 62,8%ды түзөт (бекитилген гранттын суммасы 7 262,8 миң АКШ доллары).

**Аныкталды жана корутунду**

Мал чарба продукциясын өндүрүүчүлөр жана айыл чарба коммерциялык кооперативдери менен түзүлгөн Гранттык келишимдердин 7-пунктуна ылайык, грант алуучу өзүнчө банк эсебин ачып Гранттык Келишимге карата финансылык операцияларын ушул эсеп аркылуу жүргүзүшү керек жана бул эсепке грант алуучу кошумча каржылоо каражаттарын (өздүк салымын) салып, аны Гранттык сунуштаманы ишке ашыруу үчүн гана пайдаланууга тийиш.

Бирок жогорудагы белгиленген талаптарды сактабастан, грант алуучулар, “Эмилия” ЖЧКсы, “Талас Даамы” ЖЧКсы жана “Ат-Башы ак бал” ККсы тарабынан, атайын гранттык финансылык операцияларга ачылган банктык эсепти өзүлөрүнүн чарбалык иштерине тийиштүү акча каражаттарын жүгүртүүгө колдонушкандары аныкталган.

Андан тышкары, грант алуучу “Алайкуу Органикс” ЖЧКсынын атайын гранттык финансылык операцияларга ачылган банктык эсебине, 2023-жылдын 17-октябрындагы АРИСтен 3 740,0 миң сом грант каражаты келип түшкөн,

ошол каражаттын эсебинен жалпысы 2 554,3 миң сомго өз багытында колдонбостон, кредиттерин жабууга жумшаган.

**Сунуштама**

Мал чарба продукциясын өндүрүүчүлөр жана айыл чарба коммерциялык кооперативдер (грант алуучулар) тарабынан, Гранттык сунуштаманы ишке ашыруу үчүн пайдаланууга ачылган өзүнчө банк эсептерин, Гранттык келишимдерге гана ылайык финансылык операцияларды жүргүзүүгө көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Мал чарба продукциясын өндүрүүчүлөрү жана айыл чарба коммерциялык кооперативдер тарабынан түзүлгөн Гранттык сунуштамалардын 6.3-пунктунда көрсөтүлгөн шарттары толук аткарылбай, созултуп жаткандыгы аныкталган:

- “Эмилия” ЖЧКсы 2023-жылдын 8-сентябындагы өткөзүп алуу актысы менен 2 889,6 миң сомдук алган 5 тонналык 2 даана муздаткыч танкерлерин 10 айдан аралыгында пайдаланууга берилген эмес;
- “Ак Жалга” ЖАКсы 2023-жылдын 11-декабрындагы өткөзүп алуу актысы менен 5 525,0 миң сомдук алган 10 даана муздаткыч танкерлеринин 7 даанасы 8 айдан бери пайдаланууга берилген эмес.

Жыйынтыгында жогорудагы грант алуучулар өздөрүнүн Гранттык сунуштамаларындагы бекитилген пайда көлөмүн көбөйтүү максатында шарттары, өз убагында аткарылбай калган.

**Сунуштама**

Мал чарба продукциясын өндүрүүчүлөр жана айыл чарба коммерциялык кооперативдери тарабынан Гранттык сунуштамалардын 6.3-пунктунда көрсөтүлгөн шарттарын өз убагында толук аткарбагандыгы үчүн Гранттык келишимдердин шарттарына ылайык, “Эмилия” ЖЧКсына жана “Ак Жалга” ЖАКсына тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Грант алуучу “Нур Бал” ЖЧКсы Гранттык сунуштаманын шартына ылайык, кичинекей жүк ташуучу унааны 1 012,0 миң сомго сатып алып, транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүгүн “Нур Бал” ЖЧКнын наамына каттатпастан, коомдун жетекчиси Бейшенбеков Эрнис өзүнүн жеке атына каттатканы аныкталган. Ал эми “Лестер” АЧККсы Гранттык сунуштамада көрсөтүлгөн мал кармоочу жайынын укук белгилөөсүн тастыктоочу документтери “Лестер” АЧККсынын наамында эмес кооперативдин мүчөсү Айтбосунов Азиздин жеке наамында экендиги аныкталган. *(Аудит аяктагандан кийин, аталган коомдун жана кооперативдин наамына каттатылган).*

**Аныкталды жана корутунду**

“Пум-Кенч”, “Бал”, “Мангыт Дыйкан 70”, “Көк-Арт Сүт”, “Шайдан сүт”, “Сүт көл”, “Талас -АТЭК”, “Бейшеке”, “Бектемир Ата”, “Лестер”, “Агро 83”, “Швиц” АЧККлары тиешелүү бухгалтердик эсептерин жүргүзүшкөн эмес, ошол себептерден алар долбоордун алкагында алышкан негизги

каражаттарынын (айыл чарба техникалары, шаймандары ж.б.), алынган айыл чарба шаймандары менен айылдын дыйкандарына кошумча кызмат көрсөтүүсүнөн, чарбалык иштеринин жыйынтыгынан келип түшүүчү кооперативдердин пайдалары жана кетирилген чыгымдары туралуу, ошону менен бирге кооперативде иштеген кооператив мүчөлөрүнүн айлыктары, салыктары жана социалдык төгүмдөрү туралуу тийешелүү эсеби жок.

Жыйынтыгында кооперативдердин бухгалтердик эсеп жоктугунан, алар долбоордун алкагында алган негизги каражаттарын Гранттык сунуштамаларында белгиленген максаттарга ылайык натыйжалуу пайдалануусун баалоо мүмкүн болгон жок.

**Сунуштама**

Мал чарба продукциясын өндүрүүчүлөрү жана айыл чарба коммерциялык кооперативдери тарабынан бухгалтердик эсепти уюштурууга жана жүргүзүүгө көзөмөл күчөтүлсүн, жана Гранттык келишимдердин шарттарына ылайык тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**“Жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу” долбоору боюнча**

“Коомдук имараттарда энергия натыйжалуулугун жогорулатуунун артыкчылыктарын демонстрациялоо”.

“Жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу” долбоорунун 2 компоненти Кыргыз Республикасында жылуулук менен камсыздоонун натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатууга багытталган. Долбоор Кыргызстандын бардык 7 аймагын, ошондой эле Ош жана Бишкек шаарларын камтыйт.

Долбоор 2019-жылдын 25-апрелинде башталып, 2024-жылдын 31-декабрында аяктайт.

Долбоордун донорлору - Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы (ЭӨБ) жана Швейцариянын Экономикалык иштер боюнча мамлекеттик катчылыгы (SECO). Долбоордун жалпы бюджети 12,6 млн. АКШ долларын түзөт, анын ичинен 10,0 млн. АКШ доллары ЭӨА тарабынан грант түрүндө, ал эми 2,6 млн. АКШ доллары SECO тарабынан грант түрүндө берилет.

Долбоор төмөнкү макулдашуулардын негизинде ишке ашырылат:

- Негизги Каржылоо Макулдашуусу (ЭӨА): Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосунда 2018-жылдын 26-январында кол коюлган.
- Кошумча Каржылоо Макулдашуусу (SECO): Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосунда 2020-жылдын 10-июнунда кол коюлган.
- Кыргыз Республикасынын Каржылоо Макулдашуусун ратификациялоо жөнүндөгү Мыйзамы:
- ЭӨА негизги каржылоосу: 2019-жылдын 5-февралында Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан долбоорду ратификациялоо жөнүндө № 24 Мыйзамга кол коюлган.

- SECO кошумча каржылоосу: 2020-жылдын 23-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан долбоорду ратификациялоо жөнүндө № 146 Мыйзамга кол коюлган.

Субсидиардык грант боюнча Макулдашуу: 2019-жылдын 22-мартында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттигинин ортосунда түзүлгөн.

**Долбоорунун максаттары:**

- Жылуулук менен камсыздоонун натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу
- Коомдук имараттарда энергия натыйжалуулугун жакшыртуу
- Эксплуатациялык чыгымдарды жана парник газдарынын эмиссияларын азайтуу
- Институционалдык потенциалды жогорулатуу.

**Долбоордун компоненттери:**

*1 компонент:* Бишкекте борборлоштурулган жылуулук менен камсыздоонун натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу

*2 компонент:* Коомдук имараттарда энергия натыйжалуулугун жогорулатуунун артыкчылыктарын демонстрациялоо.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

- Жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу долбоорунун алкагында 21 имарат, анын ичинде мектептер, Үй-бүлөлүк дарыгерлер борборлору (ҮДБ), Үй-бүлөлүк медицина борборлору (ҮМБ) жана бала бакчалар модернизацияланды. Долбоор камтыган бардык имараттардын жалпы аянты 56 630 чарчы метрди түзөт, анын ичинен 43 917 чарчы метр жылытуучу аянтты камтыйт. Бул имараттар энергиянын натыйжалуулугун жогорулатуу жана жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу максатында модернизацияланып, окуучулар, тарбияланууучулар, бейтаптар жана кызматкерлер үчүн шарттарды бир кыйла жакшыртып, электр энергиясына кеткен чыгымдарды үнөмдөөгө алып келди.

- Жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу долбоорунун бенефициарларынын катарына окуучулар, мугалимдер, медициналык кызматкерлер, бейтаптар, жергиликтүү бийлик органдарынын кызматкерлери жана жылытуу системаларын эксплуатациялоого жоопту адистер сыяктуу ар кандай топтор жана уюмдар кирет. Долбоордун натыйжасында 10 000ден ашуун окуучу, бейтап жана модернизацияланган мектептерде жана бала бакчаларда 800 мугалим шарттары жакшыртылган жылытуу системалары жана имараттардын жылуулоо натыйжалуулугу менен камсыз болушкан. Күнүнө болжол менен 700 бейтап жана 1 300 медициналык кызматкер да долбоордун алкагында медициналык мекемелердеги жылытуу системаларын модернизациялоо аркылуу пайда алып, бейтаптардын жана медициналык персоналдын иштөө шарттары жакшыртылган.

- Мындан тышкары, өлкө боюнча жергиликтүү бийлик органдарынын жана башкаруучу компаниялардын 2 700ден ашуун кызматкери окутуудан өтүп, алардын квалификациясы жана модернизацияланган имараттардагы

жылытуу системаларын башкаруу жакшыртылган. 100дөн ашуун подряддык уюмдардын жана долбоорлоочулардын өкүлдөрү имараттардын энергия натыйжалуулугу жана сейсмикалык туруктуулугу боюнча семинарларга катышып, алардын кесиптик көндүмдөрү жана аткарылган иштердин сапаты жогорулаган.

- Долбоордун алкагында жалпысынан 15 000ден ашуун адам, анын ичинде окуучулар, мугалимдер, бейтаптар, медициналык кызматкерлер, жергиликтүү бийлик органдарынын кызматкерлери жана подряддык уюмдардын өкүлдөрү камтылып, жашоо, иштөө жана окуу шарттарынын бир кыйла жакшыртылышына жана кесиптик көндүмдөрүнүн жогорулашына өбөлгө түзүлдү.
- Имараттарды колдонуу комитеттери (ИКК) түзүлүп, ага негизги кызыкдар тараптар, тагыраагы, кызматкерлер, ата-энелер комитеттери, администрация, мэрия жана башкалар кирет. ИКК подрядчылар жана АРИС менен өз ара аракеттенүү үчүн үй деңгээлинде өнөктөштүк функциясын аткарат. Бүгүнкү күндө имараттарды башкаруу, АРИС жана администрация менен кызматташуу боюнча макулдашууларга кол коюлгандан кийин 21 ИКК түзүлүп, алар 21 имараттагы курулуш иштерин жеринде мониторинг жүргүзүүгө жана көзөмөлдөөгө жооп берет. ИККнын 105 мүчөсү, анын ичинде 51 аял (жалпы санынын 49%) объектке мониторинг жүргүзүү боюнча окутулган.
- Бенефициарлар менен жеке жолугушуулардан тышкары, АРИС долбоор жөнүндө маалымат берүү жана пикир алуу үчүн онлайн-платформаны да ишке киргизди. Модернизацияланган имараттар боюнча жалпысынан 21 баракча түзүлгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

Төмөндөгү объекттерде аткарылган иштерге кошуп жазуу менен, жалпысы **1 302,7 миң сомго** жумуштардын көлөмү жогорулатылган, анын ичинде:

-Баткен облусунун Баткен районунун Кара Булак айыл аймагынын Бүжүм айылындагы “Т. Мурзапаров атындагы орто мектебинин энергетикалык натыйжаалуугун жогорулатуу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Илек Строй Групп” ЖЧКсы жана “Бейшембай Курулуш” ЖЧКсы - 62,3 миң сомго;

- Баткен облусунун Баткен районунун Ак-Татыр айыл аймагынын Ак-Татыр айылынын “Т. Садыков атындагы орто мектебинин энергетикалык натыйжалуугун жогорулатуу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Илек Строй Групп” ЖЧКсы жана “Бейшембай Курулуш” ЖЧКсы - 63,6 миң сомго;

- Ош облусунун Кара Суу районунун Ала-Тоо айыл аймагынын Ак-Таш айылындагы “А. Шеркулов атындагы орто мектебинин энергетикалык натыйжалуугун жогорулатуу” долбоорчосу боюнча подрядчы Консорциум “Сапат” - 68,7 миң сомго;

- Ош облусунун Алай районунун Гүлчө айылындагы “Жалпы медициналык борбордун имаратын энергетикалык натыйжалуугун

жогорулатуу” долбоорчосу боюнча подрядчы “СПП Ошкоопкурулуш” ЖЧКсы - 39,5 миң сомго;

- Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун Тогуз-Торо айыл аймагынын Казарман айылындагы “Жаныл-Мырза” атындагы ДОО энергетикалык натыйжалуугун жогорулатуу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Ошкоопкурлуш” СПП ЖЧКсы - 49,6 миң сомго;

- Жалал-Абад облусунун, Тогуз-Торо районунун Каргалык айыл аймагынын Казарман айылындагы “Т. Мойдунов атындагы №1 орто мектебинин энергетикалык натыйжалуугун жогорулатуу” долбоорчосу иштеи боюнча подрядчы “Архстройинвест” ЖЧКсы - 25,3 миң сомго;

- Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Кыз-Көл айыл аймагынын Чымчык-Жар айылындагы “П. Жуманазаров атындагы №89 орто мектебинин энергетикалык натыйжалуугун жогорулатуу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Ак Тулпар” ЖЧКсы - 315,6 миң сомго;

- Бишкек шаарынын Ленин районунун Ала-Тоо жаны конушундагы “№82 орто мектебинин имаратын энергетикалык натыйжалуугун жогорулатуу” боюнча подрядчы “AT Empire” ЖЧКсы - 49,0 миң сомго;

- Чүй облусунун Панфилов районунун Панфилов айылындагы “Төрт кабаттуу ооруканaнын имаратын энергетикалык натыйжалуугун жогорулатуу” долбоор боюнча подрядчы “Ак-Тулпар” ЖЧКсы - 505,5 миң сомго;

- Талас облусунун Кара Буура районунун Маймак айыл аймагынын Маймак айылындагы “Р. Шукурбеков атындагы орто мектебинин имаратын энергетикалык натыйжалуугун жогорулатуу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Универсал Электро” ТК ЖЧКсы - 38,8 миң сомго;

- Талас облусунун Талас районунун Беш-Таш айыл аймагынын Калба айылындагы “А. Солтонов атындагы орто мектебинин имаратын энергетикалык натыйжалуугун жогорулатуу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Алым Строй” ЖЧКсы - 9,3 миң сомго;

- Ысык-Көл облусунун Түп районунун Каркыра айыл аймагынын Байзак айылындагы “№15 А. Муканов атындагы орто мектебинин имаратын энергетикалык натыйжалуугун жогорулатуу” долбоор иштери боюнча подрядчы “Алым Строй” ЖЧКсы - 9,3 миң сомго;

- Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Баетов айылында “А. Көккөзов атындагы Жалпы медициналык практика борборунун энергиянын натыйжалуулугун жогорулатуу” долбоорчосу боюнча “Строительная компания Шер-Курулуш” ЖЧКсы - 36,3 миң сомго.

(*Аудит аяктагандан кийин, жогоруда көрсөтүлгөн жогорулатылган жумуштардын көлөмү подрядчылардын эсебинен ордуна коюлган жана аткарылып жаткан иштеринен кыскартылган, №5 тиркеме).*

**“Айылдык суу менен камсыздоонун жана санитариянын туруктуу өнүгүшү” кошумча каржылоо долбоору боюнча**

Бул долбоор айылдык суу менен камсыздоо жана санитария секторуна инвестицияларды кеңейтүүгө, жаңы аймактар жана райондорду камтууга, ошондой эле Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларын өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик программаны ишке ашырууга жана кеңейтүүгө колдоо көрсөтүүгө багытталган.

Долбоордун географиялык камтуусу Ош, Чүй жана Ысык-Көл облустарындагы айылдарды (54 айыл) камтыйт.

Долбоор 2018-жылдын 10-сентябрында башталып, 2025-жылдын 30-июнунда аяктайт. Долбоордун донору – Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясы (ЭӨА). Жалпы долбоордун бюджети 36,3 млн. АКШ долларын түзөт, анын ичинен 19,8 млн. АКШ доллары кредит түрүндө жана 16,2 млн. АКШ доллары грант түрүндө берилет.

**Долбоордун максаттары төмөнкүлөргө багытталган:**

- Коопсуз суу менен камсыздоого жеткиликтүүлүктү кеңейтүү
- Санитардык шарттарды жакшыртуу
- Суу менен камсыздоо жана санитарияны өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик программаны колдоо
- Институционалдык потенциалды бекемдөө.

**Долбоор төмөнкү компоненттерден турат:**

*1 компонент:* Суу менен камсыздоого инвестициялар

*2 компонент:* Санитарияны өнүктүрүү

*3 компонент:* Институционалдык бекемдөө

*4 компонент:* Долбоорду башкаруу.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

Долбоордун алкагында негизинен олуттуу жыйынтыктарга жетишилди, анын ичинде муниципалдык суу менен камсыздоо ишканаларын түзүү жана колдоо иштери бар. Долбоор Ош, Чүй жана Ысык-Көл облустарындагы 41 айылда 33 суу менен камсыздоо системасын курууну жана калыбына келтирүүнү аяктап, 79 929 адамды камтыды. Бул системалар аталган аймактардагы тургундарды коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берди.

Санитария жаатында долбоор 37 социалдык объектте, анын ичинде мектептерде жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде санитардык объекттерди курууну жана калыбына келтирүүнү камсыз кылды. Бул мекемелерде ички дааратканалар, жуунучу жайлар жана башка санитардык курулмалар курулуп же оңдолуп, окуучулар, мугалимдер жана балдар үчүн шарттар жакшыртылды.

Мындан тышкары, Ош, Ысык-Көл жана Чүй облустарында 810 үй-бүлө өз үйлөрүндө санитардык-гигиеналык шарттарды жакшыртуу үчүн субсидия алышты, бул жалпы санитардык абалдын жакшыртылышына салым кошту.

Институционалдык жактан бекемдөө ишинин алкагында 41 муниципалдык суу менен камсыздоо ишканасы (МСМ) түзүлүп жана колдоого алынды (Караоол-Дөбө жана Кум-Арык үчүн дагы 2 МСМ түзүлүшү керек). Бардык МСМдерге кеңсе жана компьютердик жабдуулар, биллинг

системасы үчүн программалык камсыздоо, ошондой эле суу менен камсыздоо системаларын техникалык эксплуатациялоо үчүн жабдуулар берилди. Бул алардын суу менен камсыздоо системаларын туруктуу башкаруу мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртты.

Улуттук деңгээлде суу менен камсыздоо жана санитария тармагындагы нормативдик-укуктук актылар, техникалык стандарттар жана курулуш нормалары жана эрежелери (СНиП) жаңыланды. SIASAR программасынын алкагында 2 134 айылдык калктуу конуштардагы суу менен камсыздоо системалары боюнча маалыматтык база түзүлдү. Бул жыйынтыктар долбоордун Кыргызстандагы мектептерде, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде жана үй чарбаларында суу менен камсыздоо жана санитардык шарттарды жакшыртуудагы, ошондой эле муниципалдык суу менен камсыздоо ишканаларын түзүү жана бекемдөө боюнча жетишкендиктерин баса белгилейт, бул суу менен камсыздоо жана санитария тармагынын туруктуу өнүгүүсүн камсыздайт.

**Аныкталды жана корутунду**

Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Кара-Гуз айыл аймагынын "Пор" долбоорчосу боюнча подрядчы "Алга Билд" ЖЧКсы тарабынан **35,6 миң сомго** аткарылган жумуштардын көлөмү жогорулатылган. *(Аудит аяктагандан кийин подрядчынын эсебинен ордуна коюлган, №4 тиркеме).*

**"Жергиликтүү жамааттарды колдоо CASA-1000" долбоору боюнча**

Бул долбоор жергиликтүү жамааттарды социалдык жана экономикалык инфраструктураны өнүктүрүүгө тартууга багытталган, анын максаты - CASA-1000 электр өткөрүү чубалгысынын (зымтирегин) жанында жайгашкан максаттуу аймактарда кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу, жашоо каражаттарын камсыз кылуу жана калктын бардык катмарларынын катышуусун камсыз кылуу.

Долбоор 2020-жылдын 3-февралында башталып, 2024-жылдын 31-декабрында аяктайт. Долбоордун донору Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясы (ЭӨА) болуп саналат.

Долбоордун жалпы бюджети 11 млн. АКШ долларын түзөт, анын ичинен 5,0 млн. АКШ доллар кредит түрүндө, 5,0 млн. АКШ доллар ЭӨАдан грант түрүндө жана дагы 1,0 млн АКШ доллар көп тараптуу донордук тресттык фонддон (MDTF) грант түрүндө берилген. Долбоордун географиялык камтуусу Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарындагы 77 айылды камтыйт.

Долбоорду ишке ашыруу төмөнкү келишимдердин негизинде жүргүзүлөт:

Кыргыз Республикасы менен Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясынын ортосунда "CASA-1000 жергиликтүү жамааттарды колдоо долбоорун каржылоо тууралуу" Келишим 2019-жылдын 8-августунда кол коюлган. 2019-жылдын 3-декабрында № 133 Кыргыз Республикасынын "Каржылоо боюнча

макулдашууну ратификациялоо жөнүндө” Мыйзамы менен ратификацияланган.

“CASA-1000 жергиликтүү жамааттарды колдоо долбоору” боюнча Субсидиардык гранттык макулдашуу 2020-жылдын 16-январында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттигинин ортосунда кол коюлган.

**Долбоордун максаттары:**

- Максаттуу айылдарда электр менен камсыздоону жакшыртуу
- Социалдык жана экономикалык инфраструктураны өнүктүрүү
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жамааттарды бекемдөө
- Экономикалык туруктуулукту колдоо
- Социалдык инклюзия жана аялуу топторду коргоо.

**Долбоордун компоненттери:**

*1 компонент:* Социалдык жана экономикалык инфраструктурага инвестициялар

*2 компонент:* Жамааттарды мобилизациялоо жана коммуникациялар

*3 компонент:* Долбоорду башкаруу жана мониторинг

*4 компонент:* Чукул кырдаалдарга шарттуу жооп берүү.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

Электр менен камсыздоону жакшыртуу: Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы 75 айылда электр менен камсыздоону жакшыртуу боюнча иштер аяктап, электр тармактарын оңдоо жана жаңы электр тармактарын куруу иштери жүргүзүлдү. Бул 20 000 үй-бүлө үчүн электр энергиясына ишенимдүү жеткиликтүүлүктү камсыз кылды. Ошондой эле, Баткен облусундагы эки айылда көчө жарыктары орнотулду.

*Социалдык инфраструктура:* Социалдык инфраструктурага жеткиликтүүлүктү жакшыртуу үчүн эки циклде 139 субпроект тандалып алынды.

*Фельдшердик-акушердик пункттар (ФАПтар):* 10 ФАП курулуп, 2 ФАП оңдолду, жана 5 ФАП үчүн эмеректер жана кеңсе техникалары сатылып алынды.

*Мектептер:* 26 объекти, анын ичинде бала бакчалар, мектептер жана оюн аянтчалары курулуп жана оңдолду. 40 мектеп жана бала бакча үчүн жабдуулар сатылып алынды.

*Жолдор жана тротуарлар:* Максаттуу айылдардын ичинде 11 жол жана тротуар оңдолду.

*Энергетика:* 9 айылда электр энергиясы жакшыртылды, ал эми эки айылда көчө жарыктандыруу үчүн чырактар сатылып алынды.

*Суу менен камсыздоо жана сугат системалары инфраструктурасы:*

*Сугат системалары:* 16 айылда сугат системаларынын капиталдык ремонту аяктады.

Суу менен камсыздоо: 2 айылда ичүүчү суу системаларынын ремонттук иштери аяктады жана тосмо орнотулду.

*Экономикалык инфраструктура:*

Жашоо каражаттарын колдоо боюнча 12 субпроект тандалып, ишке ашырылды.

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү цехтери: Баткен жана Ош облустарында өрүк, алма жана башка мөмө-жемиштерди кайра иштетүүчү 5 цехте оңдоп-түзөө иштери аяктап, жабдуулар сатылып алынды. Ошондой эле күрүчтү кайра иштетүүчү цехтин оңдоп-түзөө иштери жана жабдууларды сатып алуу иштери аяктады.

*Логистикалык борборлору:* Өрүктү сактоо жана кайра иштетүү, балды таңгактоо боюнча логистикалык борборлорду түзүү боюнча 2 субпроект ишке ашырылды.

*Кол өнөрчүлүк:* Жүндөн жасалган килемдерди өндүрүү боюнча 3 субпроекттин оңдоп-түзөө иштери аяктап, жабдуулар сатылып алынды.

**Аныкталды жана корутунду**

Кызыл-Кыя шаарынын "Айданек" бала бакчасынын аймагына 50 орундуу кошумча бала-бакчанын курулушун-куроо иштери боюнча "Мираж Профи" ЖЧКсы **53,8 миң сомго** кошуп жазуу менен жумуштардын көлөмү жогорулатылган. *(Аудит аяктагандан кийин подрядчынын эсебинен ордуна коюлган, №10 тиркеме).*

"**Нарын облусунда айылдык суу менен камсыз кылуу жана санитарияны өнүктүрүү программасы" боюнча**

"Нарын облусунда айылдык суу менен камсыз кылуу жана санитарияны өнүктүрүү программасы" Нарын облусунун 64 000 калкына артыкчылыктуу көңүл буруу менен таза ичүүчү суу жана жакшыртылган санитария менен камсыз кылууга багытталган. Географиялык жактан Нарын облусунун эки этапка бөлүнгөн 43 айылын камтыйт: биринчи этапта 28 айыл, экинчи этапта 15 айыл камтылган.

Программа 2020-жылдын 13-августунда башталып, 2027-жылдын 31-декабрында аяктайт. Программанын донору Азия өнүктүрүү банкы (АӨБ). Долбоордун жалпы бюджети 32,9 млн. АКШ долларын түзөт, анын ичинен 13,7 млн. АКШ доллары кредит (2019-жылдын 25-декабрында кол коюлган Кредиттик келишим), 13,7 млн. АКШ доллары грант түрүндө жана 5,5 млн. АКШ доллары - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн салымы.

Программаны даярдоо баскычында Кыргыз Республикасынын Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин алдындагы Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаменти тарабынан Нарын облусундагы 43 айылдын тизмеси сунушталып, Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү менен макулдашылып, Кыргыз Республикасынын Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Байкоочу кеңеш тарабынан 2019-жылдын 4-апрелинде бекитилген.

Программа төмөнкү келишимдердин негизинде ишке ашырылат:

Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы "Нарын облусунда айылдык суу менен камсыз кылуу жана санитарияны өнүктүрүү программасы" боюнча кредиттик жана гранттык Макулдашууга 2019-жылдын 25-декабрында кол коюлган.

"Нарын облусунда айылдык суу менен камсыз кылуу жана санитарияны өнүктүрүү программасы" боюнча Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 6-июлундагы "Кредиттик жана гранттык Макулдашууну ратификациялоо тууралуу" Мыйзамы менен ратификацияланган.

2020-жылдын 8-декабрында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун ортосундагы "Нарын облусунда айылдык суу менен камсыз кылуу жана санитарияны өнүктүрүү программасы" боюнча Субсидиардык макулдашуусу кол коюлган.

**Программанын максаттары:**

- Коопсуз таза суу менен камсыздоонун жеткиликтүүлүгүн камсыздоо
- Санитардык шарттарды жакшыртуу
- Таза суу жана жакшыртылган санитария менен камсыздоонун жана туруктуулугун жогорулатуу
- Институционалдык потенциалды чыңдоо
- Маалымдуулукту жогорулатуу жана жергиликтүү жамааттарды тартуу.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

*Суу менен камсыздоо*

Учурда Нарын районунун 4 айылында, тактап айтканда Орто-Саз, Жалгыз-Терек, Жан-Булак, Төш-Булак айылдарында таза суу системасын куруу-монтаждоо иштери бүткөрүлүп, пайдаланууга берилди. Ошондой эле үч айылда - Ак-Кыя, Орук-Там жана Жерге-Талда (Ак-Талаа району) курулуш-монтаждоо иштери кызуу жүрүп жатат.

Төмөнкү иштер аткарылган:

- түтүктөрдү төшөө - 46 280 м;
- суу кудуктарын орнотуу - 77 даана;
- суу алуучу курулманы куруу (1 кармоо, 2 скважина);
- суу сактагычтын курулушу - 2 даана;
- хлорлоочу көмөк-чордондор жеткирилди -2 даана.

Мындан тышкары, Нарын облусунун Кочкор, Жумгал жана Ак-Талаа райондоруна караштуу 11 айылда (44 498 адам) курулуш-монтаждоо иштерине (КМИ) келишимдер түзүлдү. Учурда айылдарда мобилизациялоо иштери жүрүп жатат. Мындан сырткары Нарын районунун 2 айылына (Учкун жана Куланак) суу системасын куруу боюнча тендердик процедуралар жүргүзүлүүдө. Келишимге кол коюу 2024-жылдын төртүнчү кварталына пландаштырылган.

Ошондой эле Нарын районундагы 15 айылдын долбоордук-сметалык документтери (Программаны ишке ашыруунун экинчи этабы) иштелип чыгууда.

*Санитария жана гигиена*

Бүгүнкү күндө А. Жутаков атындагы 1 пилоттук мектептин жана бир медициналык мекеменин (Нарын районунун Жан-Булак айылындагы ФАП ) санитардык түйүндөрүн калыбына келтирүү боюнча курулуш иштери бүткөрүлдү. Мектептеги жалпы окуучулардын саны 456. Ал эми, медициналык мекеме 2 527 калкты тейлейт.

Мындан тышкары, суу системалары менен биргеликте, Кочкор, Жумгал, Ак-Талаа райондорунун айылдарындагы 5 билим берүү жана 3 медициналык мекеменин санитардык түйүндөрүн калыбына келтирүү боюнча курулуш иштери жүргүзүлүүдө.

Ошондой эле, Программаны ишке ашыруунун алкагында 660 кожолукту камтыган төрт айылда тармактык эмес санитардык чечимдер пилоттук түрдө ийгиликтүү ишке ашырылууда.

*Институционалдык өнүгүү*

Программанын алкагында курулуш иштери бүткөрүлүп, пайдаланууга берилген (785 кожолук тармакка кошулган) максаттуу айылдардагы үй чарбаларын суу түтүктөрүнө туташтыруу иштери жүрүп жатат, ошондой эле суу эсептегичтерди сатып алуу иштери жүрүүдө. (646 даана сатылып алынган). Түзүлгөн муниципалдык ишканалар менен суу менен камсыздоо тутумдарын андан ары эксплуатациялоо боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө, ошондой эле айыл өкмөт өкүлдөрүнө жана депутаттарга, суу комиссияларынын мүчөлөрүнө окутуулар (25тен ашык тренингдер) өткөрүлүүдө. Жалпысынан 500 адам катышып, анын ичинен 251 аял (50,2%ы) түздү.

**Аныкталды жана корутунду**

Төмөндөгү объекттерде жалпысы **205,4 миң сомго** аткарылган жумуштардын көлөмү жогорулатылган, анын ичинде:

-Нарын районунун Жан-Булак айыл аймагынын, Жан-Булак айылына суу түтүктөрүн куруу иштери боюнча №2 Лот подрядчы “Жумгалсуукурулуш” ААКсы - 91,6 миң сомго;

- Нарын районунун Чет-Нура айыл аймагынын Ак-Кыя айылына суу түтүктөрүн куруу иштерин жүргүзүү боюнча подрядчы “Шер-Курулуш” ЖЧКсы- 54,5 миң сомго;

- Нарын районунун Чет-Нура айыл аймагынын Орук-Там айылына суу түтүктөрүн куруу иштерин жүргүзүү боюнча подрядчы “Эскарас-5” ЖЧКсы - 59,3 миң сомго.

*(Аудит аяктагандан кийин, жогоруда көрсөтүлгөн жогорулатылган жумуштардын көлөмү подрядчылардын эсебинен ордуна коюлган, №6 тиркеме).*

“**Ош облусунда жана Ош шаарында регионалдык экономикалык өнүгүү” долбоору боюнча**

“Ош облусунда жана Ош шаарында регионалдык экономикалык өнүгүү” долбору. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө айыл чарба, туризм жана социалдык инфраструктура жаатындагы максаттуу иш-чаралар аркылуу

регионалдык экономикалык өнүгүүнү күчөтүү боюнча колдоо көрсөтүүгө багытталган. Долбоордун географиялык камтуу аймагы Ош облусун жана Ош шаарын камтыйт. Долбоор 2020-жылдын 7-декабрында башталып, 2026-жылдын 18-декабрында аяктайт.

Долбоордун донору Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясы (IDA) болуп саналат, ал жалпы суммасы 60,0 млн. АКШ долларын түзгөн финансылык колдоо көрсөттү, анын 30,0 млн. АКШ доллары кредит (Кредит № 65580 KG) түрүндө жана 30,0 млн. АКШ доллары грант (Грант № D5700) түрүндө берилген.

Долбоорду ишке ашыруу төмөнкү келишимдердин негизинде жүргүзүлөт:

- Кыргыз Республикасы менен Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясынын (Дүйнөлүк Банк) ортосундагы 2020-жылдын 12-майындагы каржылоо боюнча келишим;
- Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 18-июлундагы “Кыргыз Республикасы менен Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясынын (Дүйнөлүк банк) ортосундагы Ош облусунда жана Ош шаарында регионалдык экономикалык өнүгүү боюнча долбоорду каржылоо жөнүндө келишимди ратификациялоо жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттигинин ортосундагы 2020-жылдын 28-августундагы Ош облусунда жана Ош шаарында регионалдык экономикалык өнүгүү боюнча долбоор боюнча Субсидиардык Келишим.

**Долбоордун максаттары:**

- Регионалдык экономикалык өнүгүүнү бекемдөө
- Өндүрүштү стимулдаштыруу жана жумуш орундарын түзүү
- Туруктуу айыл чарбасын колдоо
- Туристтик потенциалды өнүктүрүү.

**Долбоордун компоненттери:**

*1 компонент:* Регионалдык экономикалык пландоо жана жөнгө салуу функцияларын жакшыртуу

*2 компонент:* Айыл чарба жана кошумча нарк чынжырларын (КНЧ) өнүктүрүү

*3 компонент:* Чакан бизнести колдоо жана чакан гранттарды берүү

*4 компонент:* Коомдук мейкиндиктерди жана туризмди өнүктүрүү.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

*Жабдууларды сатып алуу жана жеткирүү*

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин облустук жана шаардык лабораториялары, Ош айыл чарба техникуму жана М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети үчүн компьютердик жана кеңсе жабдууларын сатып алуу жана жеткирүү жалпы 126,2 миң АКШ долларын түздү.

Лабораториялык жабдууларды, атайын техниканы жана максаттуу лабораториялар үчүн окуу комплекстерин сатып алуу жана жеткирүү жалпы 200,2 миң АКШ долларын түзүп, аяктап жатат.

*Ремонт иштерин жүргүзүү*

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин беш лабораториясында жана Ош айыл чарба техникумунда ремонт иштеринин жалпы суммасы 198 296 АКШ долларын түзүп, аяктады.

*Кошумча нарк чынжырлары*

5 этапта тандалып алынган 18 кошумча нарк чынжырлары менен иш жүргүзүлүүдө. 2024-жылдын аягына чейин дагы 7 КНЧ тандалып алынат.

Фермерлер үчүн ”Сүт” кошумча нарк чынжырына 144 баш мал (уй) сатып алуу жана жеткирүү аяктады.

Ош облусунун Байыш айылындагы ”Алма” кошумча нарк чынжырынын Лидери үчүн логистикалык борбордун ремонт иштери аяктады.

”Алма” кошумча нарк чынжыры үчүн пластикалык контейнерлер терезелер жана эшиктер жеткирилди.

”Алма” жана ”Жашылчаларды жана жемиштерди акустикалык (шоктук) тоңдуруу” кошумча нарк чынжырлары үчүн фермерлерге жер семирткичтер жана үрөндөр жеткирилди.

”Алма” жана ”Жашылчаларды жана мөмөлөрдү акустикалык тоңдурүү ЖЖАТ” кошумча нарк чынжырлары үчүн фермерлерге тамчылатып сугаруу системасынын жеткирилүүсү аяктап жатат.

”Алма” кошумча нарк чынжырынын фермерлер тобу үчүн шпалдарды, атайын техниканы жана көчөттөрдү сатып алуу жана орнотуу боюнча тендердик процедуралар жүргүзүлүүдө.

” ЖЖАТ” кошумча нарк чынжырынын агрегатору үчүн металл буюмдары, темир-бетон мамычалары жана муздаткыч жабдууларын жеткирүү аяктап жатат.

” ЖЖАТ” кошумча нарк чынжырынын фермерлер тобу үчүн атайын техника, жүк лифти, акустикалык тоңдуруучу камера, сэндвич панелдер, малина жана мөмөлүү бактардын көчөттөрүнүн жеткирилүүсү аяктап жатат.

”Канаттууларды багуу” кошумча нарк чынжырынын фермерлерине биринчи бөлүктөгү техника жеткирилди.

”Канаттууларды багуу” кошумча нарк чынжырынын лидери үчүн экинчи бөлүктөгү атайын техника жана жабдууларды жеткирүү боюнча иштер жүрүп жатат.

”Канаттууларды багуу” кошумча нарк чынжырынын фермерлери үчүн макулдашылган товарларды сатып алуу боюнча тендердик процедуралар жүргүзүлүүдө.

”Кургатылган томаты” кошумча нарк чынжырынын лидери үчүн атайын техника жеткирилди.

”Кургатылган томаты” кошумча нарк чынжырынын лидери үчүн макулдашылган товарлар жана жабдууларды сатып алуу боюнча тендердик процесстер жүргүзүлүүдө.

”Жемиштер” кошумча нарк чынжырынын фермерлери үчүн карагат көчөттөрү сатып алынып, жеткирилди жана макулдашылган товарлар жана жабдууларды сатып алуу процедуралары башталды.

”Эт” кошумча нарк чынжыры үчүн ангус жана топоз малдары сатып алынып, жеткирилди. Учурда колбаса чыгаруучу жабдууларды жана ири чоң мүйүздүү малды сатып алуу боюнча тендердик процедуралар жүргүзүлүүдө.

”Сүт азыктары” кошумча нарк чынжырынын фермерлери үчүн ири мүйүздүү мал сатып алуу жана жеткирүү боюнча контракттар түзүлдү.

”Көчөттөр” кошумча нарк чынжыры үчүн көчөттөрдү жана атайын техниканы сатып алуу процедуралары башталды.

2024-жылдын январь айынын ортосунда Продуктивдүү өнөктөштүк комитети тарабынан долбоордук Сунуштамалардын 4-этапында катышкан 5 КНЧге бекитилди. ”Сүт азыктары” кошумча нарк чынжырынын фермерлери үчүн ири мүйүздүү мал сатып алуу боюнча сатып алуу процесс башталды. 4-этаптагы башка КНЧысы үчүн документтер Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Финансылык-кредиттик фондуна мүлктүн баасын жана төлөө жөндөмдүүлүгүн баалоо үчүн өткөрүлүп берилди, ошондой эле товарлар жана жабдуулар боюнча техникалык спецификацияларды иштеп чыгуу иштери жүрүп жатат.

2024-жылдын январь айынын аягында Продуктивдүү өнөктөштүк комитети тарабынан долбоордун 5-этабында катышкан 3 КНЧысы үчүн бизнес-пландары бекитилди жана фермерлерди мобилизациялоо жана керектүү документтерди чогултуу боюнча пландаштырылган иш-чаралар жүргүзүлүүдө.

Мал чарбачылык, өсүмдүк өстүрүү, маркетинг жана башка маселелер боюнча фермерлер үчүн пландаштырылган тренингдер жана консультациялар өткөрүлүп жатат. Азыркы убакта КНЧнин 690 катышуучусуна 35 тренинг өткөрүлдү.

*Курулуш иштери*

С. Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театрынын айланасын жакшыртуу иштери 100%га аткарылды.

Ак-Буура дарыясынын жээгин жашылдандыруу жана тротуарды кеңейтүү иштери 90%га аткарылды.

Ош шаарынын борбордук аянтын реконструкциялоо иштери 90%га аткарылды.

Т. Сатылганов атындагы жайкы театрдын бар болгон имаратын оңдоо иштери 90%га аткарылды.

Ош шаарындагы А. Навои атындагы паркты реконструкциялоо иштери 40%га аткарылды.

Ош облусунун Өзгөн шаарындагы жөө адамдар көпүрөсүн куруу иштери 35%га аткарылды.

Кара-Суу районундагы текстиль фабрикасын (Евразия) куруу үчүн техникалык муктаждыктарга гидрогеологиялык скважинанын курулушу 100%га аткарылды.

”Раян” эс алуу борбору үчүн 11 км узундуктагы ВЛ-10 кВ курулушу үчүн тирөөчтөрдү орнотуу боюнча курулуш-монтаждоо иштери 90%га аткарылды.

”Ноокат алмасы” логистикалык борбору үчүн электр камсыздоо курулушу 100%га аткарылды.

”Ноокат алмасы” логистикалык борбору үчүн 1,6 км узундуктагы жол курулушу 90%га аткарылды.

”Сулайман-Тоо” музей комплексинин жана Өзгөн тарыхый-архитектуралык комплексинин инфраструктурасынын техникалык-экономикалык негиздемесин (ТЭН) жана долбоорлоо-сметалык документтерин иштеп чыгуу улантылып жатат.

”Сулайман-Тоо” музей комплексинде жана Өзгөн тарыхый-архитектуралык комплексинде туризмди башкаруу пландарын даярдоо, Өзгөн тарыхый-архитектуралык комплексин ЮНЕСКОнун объектилеринин тизмесине киргизүү боюнча сунуштаманы иштеп чыгуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

”Кара-Шоро”, ”Кыргыз-Ата” улуттук парктары жана ”Абшир-Ата” шаркыратмасы үчүн туризмди өнүктүрүү боюнча менеджмент пландары даярдалды.

Туристтик объекттерди, улуттук парктарды көргүсү келген туристтер үчүн Ош облусунда үч эс алуу аялдамаларын куруу үчүн долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу пакети боюнча иштер улантылып жатат.

Ош облусундагы туристтик сектордун кызыкдар тараптарынын потенциалын жогорулатуу программасынын алкагында гиддер, туроператорлор, жайгашуу жайларынын жана тамактануу түйүндөрүнүн 137 өкүлү үчүн 15 тренинг өткөрүлдү; Ош облусунда Туризмдин Көмөкчү эсептери (ТКЭ) боюнча 8 жана 9 таблицаларын иштеп чыгуу жана пилоттук колдонуу боюнча компанияны тандоо боюнча тендерлер аяктап жатат, ошондой эле көмөкчү эсептер боюнча консультациялык кызматтарды көрсөтүүчү экспертти тандоо иштери жүргүзүлүүдө; Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги үчүн гранттарды стимулдаштыруу, өнүктүрүү инвестициялык фонддорду жана тышкы донордук жардам жаатындагы финансылык каражаттарды эффективдүү башкаруу үчүн жаңы онлайн платформасын иштеп чыгуу башталды.

*Чакан гранттар*

Чакан гранттар программасынын алкагында жалпы суммасы 1 700,0 миң АКШ долларынан ашкан 181 бизнес-планын каржыло бекитилген. 42 грант алуучуга жабдууларды сатып алуу жана жеткирүү иштери аяктады. Жабдууларды жана товарларды жеткирүү боюнча контракттарга кол коюуга 80 грант алуучу макулдук алды.

**Аныкталды жана корутунду**

Төмөндөгү объекттерде аткарылган иштерге кошуп жазуу менен, жалпысы **5 888,9 миң сомго** жумуштардын көлөмү жогорулатылган, анын ичинде:

- “Ош шаарынын Ленин көчөсүндөгү борбордук аянтын реконструкциялоо” долбоорчосу боюнча подрядчы “Алихан Строй” ЖЧКсы - 1 999,3 миң сомго;

- “Ак Буура дарыясынын жээгин Б. Нурматов көчөсүнөн А. Навои көчөсүнө чейин көрктөндүрүү жана жашылдандыруу менен тротуарды кеңейтүү иштерин сатып алуу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Амантур Строй Сервис” ЖЧКсы - 2 360,0 миң сомго;

- “Т. Сатылганов атындагы жайкы театрынын учурдагы имаратын көрүү залы үчүн капкак куруу менен оңдоп-түзөө” долбоорчосу боюнча подрядчы “Балды Ата” ЖЧКсы - 117,3 миң сомго;

- “Курманжан Датка көчөсүндө жайгашкан С. Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театрынын аймагын жакшыртуу боюнча иштерди сатып алуу” долбоорчосу боюнча подрядчы “Юг Строй Сервис” ЖЧКсы - 175,0 миң сомго;

- Сай Бою көчөсүндөгү “Навои паркын реконструкциялоо” долбоорчосу боюнча подрядчы “Ясин Курулуш” ЖЧКсы - 1 237,3 миң сомго.

*(Аудит аяктагандан кийин, жогоруда көрсөтүлгөн жогорулатылган жумуштардын көлөмү подрядчылардын эсебинен ордуна коюлган, №7 тиркеме).*

**“CASA-1000 жергиликтүү жамааттарды колдоо” долбоору (кошумча каржылоо) боюнча**

Долбоор жергиликтүү жамааттарды социалдык жана экономикалык инфраструктураны өнүктүрүүгө, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртууга, жашоо каражаттарын камсыздоого, ошондой эле CASA-1000 электр берүү линиясын жакын жайгашкан максаттуу аймактарда бардык катмарлардын катышуусун камсыздоого багытталган.

Долбоор 2020-жылдын 16-декабрында башталып, 2024-жылдын 31-декабрында аяктайт. Долбоордун каржылоосу 2025-жылдын 30-апрелинде жабылат. Долбоордун географиялык камтылышы Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарындагы 150 айылдык аймакты камтыйт.

Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы (ЭӨА) тарабынан каржыланган долбоор D705-KG гранты жана 6756-KG кредити аркылуу ишке ашырылууда.

Жалпы каржылоо суммасы 21,0 млн. АКШ долларын түзөт, грант менен кредит тең бөлүнгөн.

Долбоордун максаты - CASA-1000 электр берүү линиясына жакын жайгашкан максаттуу аймактарда кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу, жашоо каражаттарын камсыздоо жана бардык калк катмарларын камтуу үчүн социалдык жана экономикалык инфраструктураны өнүктүрүүгө жергиликтүү жамааттарды тартуу. Долбоор жамааттар тарабынан башкарылган инфраструктуралык инвестицияларды колдоого жана өнүктүрүүгө,

жамааттарды мобилизациялоого, жаштарды тартууга жана коммуникацияны жакшыртууга багытталган.

Долбоор төмөнкү макулдашууларга ылайык ишке ашырылат:

- 2020-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасы менен Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясынын ортосундагы CASA-1000 жергиликтүү жамааттарды колдоо долбоорун каржылоо боюнча Макулдашуу.
- 2020-жылдын 25-сентябрындагы № 147-VI Кыргыз Республикасынын "Каржылоо Макулдашуусун ратификациялоо жөнүндө" Мыйзамы.
- 2020-жылдын 20-ноябрында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттигинин ортосундагы CASA-1000 жергиликтүү жамааттарды колдоо долбоорунун Субсидиардык Макулдашуу.

**Долбоордун негизги максаттары:**

- Максаттуу айылдык аймактарда социалдык жана экономикалык инфраструктураны өнүктүрүү, бул жергиликтүү тургундардын жашоо сапатын жакшыртууга өбөлгө түзөт.
- Жергиликтүү жамааттардын жана өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын бекемдөө, инфраструктураны жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү жакшыртууга байланышкан долбоорлорду натыйжалуу башкаруу жана катышуу үчүн.
- Калктын аялуу катмарларын колдоо, аларга туруктуу жашоо каражаттарын камсыздоого өбөлгө түзгөн инфраструктураны түзүү жана жакшыртуу аркылуу.
- Максаттуу аймактардагы социалдык жана экономикалык интеграцияга өбөлгө түзгөн өнүгүү процесстерине бардык калк катмарларынын камтылышын жана катышуусун жогорулатуу.

**Долбоордун компоненттери:**

1 *компонент:* Социалдык жана экономикалык инфраструктурага инвестициялар
2 *компонент:* Жамааттарды мобилизациялоо жана коммуникациялар
3 *компонент:* Долбоорду башкаруу жана мониторинг
4 *компонент:* Чукул кырдаалдарга жооп кайтаруу.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

*Социалдык инфраструктураны өнүктүрүү*

Социалдык инфраструктурага жеткиликтүүлүктү жакшыртуу боюнча эки циклде 184 субпроект тандалган.

*Социалдык инфраструктураны өнүктүрүү*

Долбоордун алкагында мектептер, медициналык мекемелер жана жолдорду кошкондо, 118 социалдык инфраструктура объекти курулуп жана оңдолуп бүттү. Бул жергиликтүү калктын билим берүү жана саламаттыкты сактоо сыяктуу маанилүү кызматтарга жеткиликтүүлүгүн кыйла жакшыртты.

*Экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү жогорулатуу*

Долбоордун алкагында 44 өндүрүштүк кооперативдер жана дыйкан чарбаларын түзүү үчүн жабдуулар жана ресурстар берилген, бул айыл жерлеринде экономикалык шарттарды жакшыртууга жана калктын кирешесин жогорулатууга өбөлгө түздү.

*Жамааттарды мобилизациялоо жана тартуу*

Долбоор 242 153 адамды айылдык жамааттарда инфраструктураны башкаруу жана өнүктүрүү боюнча активдүү катышууга мобилизациялоого жетишти. Жергиликтүү лидерлердин жана активисттердин потенциалын бекемдөөгө көмөктөшкөн 5 730 ашык тренингдер жана консультациялар өткөрүлдү.

*Коммуникацияны жана маалымдуулукту жакшыртуу*

Долбоордун максаттары жана натыйжалары тууралуу жергиликтүү жамааттарды маалымдуулук жана ачык-айкындуулук менен камсыз кылуу үчүн коммуникациялык стратегиялар ишке ашырылды. Максаттуу жамааттардын калкынын 70%ынын ашыгы долбоор тууралуу маалымдуулук деңгээлине канааттанганын билдиришкен.

*Чукул кырдаалдарга туруктуулукту күчөтүү*

Долбоордун алкагында чукул кырдаалдарга тез жооп кайтаруу механизмдери иштелип чыгып, ишке киргизилди, бул максаттуу жамааттарга алардын таасирин азайтууга жана долбоордун үзгүлтүксүз ишке ашырылышын камсыздоого мүмкүнчүлүк берди.

**Аныкталды жана корутунду**

2023-жылдын 13-ноябрында Баткен облусунун, Лейлек районун, Ак-Суу айыл аймагы (алуучу) жана “Эл Групп” ЖЧКсы (камсыздоочу) ортосунда түзүлгөн ARIS-CSP-AF-GOODS-RFQ-2023-45 Sewing factory LOT №1&3 контракттын талаптарын сактабастан, аудиттин жүрүшүндө, жеринде барып 4 766,2 миң сомдук тигүү цехинин жабдууларын толук кабыл алынышын текшерүүдө, жалпы 800,0 миң сомдук тигүү цехинин жабдуулары тигүү цехинде жок экендиги аныкталган, анын ичинен 150,0 миң сомдук 1 даана таштандыларды кайра иштетүүчү машинка жана 650,0 миң сомдук 1 даана алты түстүү айланма басма станогу.

2023-жылдын 13-ноябрында Баткен облусунун, Лейлек районун, Кең-Талаа айыл округунун (алуучу) жана “Эл Групп” ЖЧКсы (камсыздоочу) ортосунда түзүлгөн ARIS-CSP-AF-GOODS-RFQ-2023-45 Sewing factory LOT №1&3 контракттын талаптарын сактабастан, аудиттин жүрүшүндө, жеринде барып 3 395,0 миң сомдук тигүү цехинин жабдууларын толук кабыл алынышын текшерүүдө 20,0 миң сомдук тигүү цехинин кездемеге сүрөт басып чыгаруучу принтери тигүү цехинде жок экендиги аныкталган.

1 даана таштандыларды кайра иштетүүчү машинка, 1 даана алты түстүү айланма басма станогу жана тигүү цехинин кездемеге сүрөт басып чыгаруучу принтери аудит учурунда ордуна коюлган.

**Аныкталды жана корутунду**

Бакмал айылындагы Г.С.Титов атындагы орто мектебинин эшик, терезелерин алмаштыруу иштери боюнча “АрхСтрой Инженеринг” ЖЧКсы

тарабынан 17,3 миң сомдук аткарылган иштердин көлөмү **17,3 миң сомго** жогорулатылган. *(Аудит аяктагандан кийин, жогорулатылган жумуштардын көлөмү подрядчынын эсебинен ордуна коюлган, №11 тиркеме).*

**“Баткен жана Талас облустарынын айылдарын ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана санитарияны жакшыртуу” долбоору боюнча**

Долбоор Талас облусунун 17 айылында жана Баткен облусунун 44 айылында айылды суу менен камсыз кылууну, санитарияны жана гигиенаны жакшыртууга багытталган. Долбоор 2020-жылдын 7-июнунда башталып, 2025-жылдын июнь айында аяктайт.

Долбоордун донорлору-Ислам Өнүктүрүү Банкы (ИӨБ) жана Сауд Өнүктүрүү фонду (СӨФ). Долбоордун жалпы бюджети 60,0 млн. АКШ долларын түзөт, анын 20,0 млн. АКШ доллары Ислам Өнүктүрүү Банкы (ИӨБ1020), 30,0 млн. АКШ доллары Сауд Өнүктүрүү фонду (СӨФ - 6/750) тарабынан кредит түрүндө берилген. Гранттык каржылоо каралган эмес, ал эми Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн салымы 10,0 млн. АКШ долларын түзөт.

Долбоорду ишке ашыруу төмөнкү макулдашуулардын негизинде ишке ашырылган:

ИӨБ менен кредиттик келишим 2019-жылдын 6-апрелинде кол коюлган, күчүнө кирүү датасы 2020-жылдын 5-январы. СӨФ менен кредиттик келишимиге 2019-жылдын 10-сентябрында кол коюлган, күчүнө кирүү датасы 2020-жылдын 5-июлу. Кыргыз Республикасынын ИӨБ менен “Кредиттик макулдашууну ратификациялоо жөнүндө” Мыйзамы 2020-жылдын 14-ноябрында кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын СӨФ менен “Кредиттик макулдашууну ратификациялоо жөнүндө” Мыйзамы 2020-жылдын 21-январында кабыл алынган.

**Долбоордун максаттары:**

- Таза суу менен камсыз кылууга жеткиликтүүлүктү жакшыртуу
- Санитардык жана гигиеналык шарттарды жакшыртуу
- Долбоордун аймагында суу менен камсыз кылуу системасынын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн техника жана жабдуулар менен камсыз кылуу
- Институционалдык базаны чыңдоо
- Санитария жана институционалдык өнүгүү жаатындагы потенциалды жогорулатуу:

**Долбоордун компоненттери:**

*1 компонент:* Айылды суу менен камсыздоону жана санитарияны жакшыртуу

*2 компонент:* Техника жана жабдууларды берүү

*3 компонент:* Санитария жана институционалдык өнүгүү боюнча потенциалды жогорулатуу

*4 компонент:* Долбоордук-сметалык документтер жана көзөмөл.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

**Талас облусу**

***Суу менен камсыздоо жана санитария системаларын куруу бөлүгүндө,*** 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 6 айылда курулуш-монтаждоо иштери жүрүүдө, жыйынтыгында 12 950 адам таза суу менен камсыз болот. Ал эми, Көк-Кашат айылындагы 2 472 адам таза ичүүчү суу менен камсыз болду, объект пайдаланууга берилди, жаңы суу алуучу жай (водозабор) курулду, 500 м3 резервуар реабилитацияланды, 14 300 метр магистралдык суу түтүктөрү жана бөлүштүрүүчү тармактар курулду. 10 айылдын курулуш жумуштарын жүргүзүүгө тендер жүрүүдө. Ошондой эле, 4 санитардык объект реабилитацияланды, алардын ичинен 3 мектеп жана 1 социалдык мекеме (психоневрологиялык мекеме).

Суунун сапатын жана санитарияны контролдоону жана мониторинг жүргүзүүнүн жакшыртуу үчүн жабдууларды жана товарларды жеткирүү боюнча 3 райондук СЭС заманбап лабораториялык жана ИТ-жабдуу менен камсыз болду.

***Санитария жана институттук өнүктүрүү тармагында потенциалды жогорулатуу*** алкагында, суу ресурстарын башкаруунун заманбап методдору жана санитардык кызматтар боюнча, суу менен камсыздоо жана санитария системаларын башкарууга жана пайдаланууга жооптуу жергиликтүү ишканалардын 120 кызматкери, алардын ичинен 42 аял үчүн 8 тренинг өткөрүлдү. Жогоруда аталган тренингдер башкаруунун техникалык жана административдик аспектилерин камтыган.

Калкты маалымдоонун жана тартуунун алкагында, 45 785 ашуун жергиликтүү тургундар үчүн - санитария жана гигиена, сууну сарамжалдуу пайдалануу жана санитардык шарттарды колдоо маселелери боюнча маалыматтык компаниялар өткөрүлдү. Кампаниялар үймө-үй кыдыруу, тренингдер жана маалыматтык материалдарды таратуу аркылуу өткөрүлдү. Ошондой эле “мектептердеги Суу, санитария жана гигиена” темасы боюнча маалыматтык билим берүү иши 13 мектепте 4 967 окуучу жана 307 мугалимди камтыды.

**Баткен облусу**

Суу менен камсыздоо жана санитария системаларын куруу бөлүгүндө, курулуш процессинде 10 айыл, жыйынтыгында 36 901 адам ичүүчү таза суу менен камсыз болот. Лейлек районунун Максат жана Жаштык айылдарында 4 494 адам таза суу менен камсыз болушту, объекттер пайдаланууга берилди, жаңы резервуарлар жана бөлүштүрүүчү суу тармактары курулду. Тендердин жүрүшүндө 29 айыл курулууда. 2 санитардык объект реабилитацияланды, анын жыйынтыгы боюнча 1619 окуучу жана 104 мугалим жакшыртылган санитардык объекттерге мүмкүнчүлүк алышты. 16 санитардык объект үчүн санитардык объекттерди курууга тендердик жол-жоболор жүргүзүлүүдө.

Суунун сапатын жана санитарияны контролдоону жана мониторинг жүргүзүүнү жакшыртуу үчүн жабдууларды жана товарларды жеткирүү

боюнча 3 райондук СЭС заманбап лабораториялык жана ИТ-жабдуу менен камсыз болду.

***Санитария жана институттук өнүктүрүү тармагында потенциалды жогорулатуу*** алкагында, суу ресурстарын башкаруунун заманбап методдору жана санитардык кызматтар боюнча, суу менен камсыздоо жана санитария системаларын башкарууга жана пайдаланууга жоопту жергиликтүү ишканалардын 95 кызматкери, алардын ичинен 6 аял үчүн 5 тренинг өткөрүлдү. Жогоруда аталган тренингдер башкаруунун техникалык жана административдик аспектилерин камтыды.

Калкты маалымдоонун жана тартуунун алкагында, 36 401 тен ашуун жергиликтүү тургундар үчүн - санитария жана гигиена, сууну сарамжалдуу пайдалануу жана санитардык шарттарды колдоо маселелери боюнча маалыматтык компаниялар өткөрүлдү. Кампаниялар үймө-үй кыдыруу, тренингдер жана маалыматтык материалдарды таратуу аркылуу өткөрүлдү. Ошондой эле мектептердеги "Суу, санитария жана гигиена" темасы боюнча маалыматтык билим берүү иши 11 мектепте 8 350 окуучу жана 539 мугалимди камтыган.

**Аныкталды жана корутунду**

"Баткен жана Талас облустарында "Айылды суу менен камсыздоону жана санитарияны жакшыртуу" долбоору боюнча аткарылган курулуш-оңдоо иштеринин көлөмү кошуп жазуу менен **874,1 миң сомго** жогорулатылган, анын ичинде:

- Баткен облусунун Лейлек районунун Искра жана Коммуна айылдарында суу менен жабдуу системасын реабилитациялоодо подрядчы "ПСО Адис Строй" ЖСКсы - 24,2 мин сомго;
- Баткен облусу Лейлек Району Сумбула айыл аймагы Коммуна айылдарында суу менен жабдуу системасын реабилитациялоодо подрядчы "Инженерная зашита" ЖЧКсы - 24,2 миң сомго;
- Баткен облусунун Лейлек Району Сумбула айыл аймагы Андарек айылында суу менен жабдуу системасын реабилитациялоодо подрядчы "Сити Комплекс" ЖЧКсы - 825,7 мин сомго.

(*Аудит аяктагандан кийин, жогоруда көрсөтүлгөн жогорулатуулар подрядчылардын эсебинен ордуна коюлган, №8 тиркеме).*

**"Үчүнчү айыл инвестициялары долбоорунун" алкагында кошумча каржылоо (КОВИД-19га чара көрүү боюнча) долбоору боюнча**

Айыл аймактарындагы социалдык жана экономикалык инфраструктураны жакшыртууга багытталган долбоор Кыргызстандын Чүй, Талас, Нарын жана Ысык-Көл облустарын камтыйт. Долбоор 2022-жылы башталып, 2024-жылдын 30-ноябрында аяктайт деп пландалууда. Долбоор Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясы (Дүйнөлүк банк) тарабынан 17,0 млн. доллар суммасында каржыланат, анын ичинен 8,500 млн. АКШ доллары 6782-KG кредит боюнча жана 8,5 млн. АКШ доллары D727-KG грант боюнча берилген.

Каржылоо тууралуу макулдашуунун датасы 2021-жылдын 4-марты, ал эми Кыргыз Республикасынын “Каржылоо макулдашуусун ратификациялоо жөнүндө” Мыйзамы 2021-жылдын 14-октябрында кабыл алынган. Субсидиардык грант тууралуу макулдашуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттигинин ортосунда 2021-жылдын 1-сентябрында кабыл алынган.

**Долбоордун негизги максаты** жергиликтүү потенциалды өнүктүрүүдө биргелешип катышууну күчөтүү, ал эми милдети жергиликтүү жамааттардын башкаруу жана өнүгүү процессине катышуусун жогорулатуу.

**Долбоордун компоненттери:**

***1 компонент:*** Жергиликтүү бийлик органдарынын жана жамааттардын потенциалын күчөтүү

***2 компонент:*** Айылдык инвестициялар.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

*Социалдык мобилизация:* Долбоорго 242 153 адам катышты, алардын 77% аялдар түздү. Жергиликтүү жамааттарды мобилизациялоо жана окутуу боюнча 5 730дан ашык иш-чара өткөрүлгөн.

*Инфраструктураны өнүктүрүү:* Чүй, Нарын, Ысык-Көл жана Талас облустарында 208 социалдык жана 57 экономикалык объектти кошкондо, жалпы 265 объекттин курулушу жана оңдоп-түзөө иштери аяктаган.

*Киреше булактарын колдоо:* Киреше булактарын колдоо программаларына 3200гө жакын катышуучу, анын ичинде 1600 аял, окутуудан өттү. Бизнес-пландар иштелип чыгып, ишке ашырылды, бул айыл жерлеринде экономикалык абалды жакшыртууга өбөлгө түзүлгөн.

*Гендердик тренингдер:* Аялдардын лидерлик жөндөмдөрүн жана коомдук турмушка катышуусун жогорулатууга багытталган 82 тренинг өткөрүлгөн.

*Климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча иш-чаралар:* Алыскы жана бийик тоолуу аймактардагы жамааттар үчүн консультациялар жана окутуу иш-чаралары өткөрүлгөн, бул алардын климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу жөндөмүн жогорулаткан.

**“Баткен облусундагы аймактык экономикалык өнүктүрүү” долбоору боюнча**

“Баткен облусундагы аймактык экономикалык өнүктүрүү” долбоору Баткен облусунда аймактык экономикалык өнүгүүгө көмөктөшүүгө багытталган. Долбоор Баткен облусун, анын ичинде Кадамжай, Баткен жана Раззаков шаарларын камтыйт.

Долбоор 2022-жылдын 20-апрелинде кол коюлган жана 2027-жылдын 31-декабрына чейин аяктайт деп пландаштырылууда. Долбоордун жалпы каржылоо суммасы 50,0 млн. АКШ долларын түзөт, анын 25,0 млн. АКШ доллары кредит түрүндө (Кредит №IDA 7049-KG) жана 25,0 млн. АКШ доллары грант түрүндө (Грант IDA D976-KG) Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынан (Дүйнөлүк Банк) берилген.

Долбоор төмөнкү макулдашуулардын негизинде иш алып барат:

- Каржылоо Макулдашуусу: Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын (Дүйнөлүк Банк) ортосундагы Баткен облусундагы экинчи “Аймактык экономикалык өнүктүрүү” долбоору боюнча каржылоо макулдашуусу 2022-жылдын 20-апрелинде АКШнын Вашингтон шаарында кол коюлган.
- Кыргыз Республикасынын Мыйзамы: 2022-жылдын 20-апрелинде Вашингтон шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын (Дүйнөлүк Банк) ортосундагы Баткен облусундагы экинчи “Аймактык экономикалык өнүктүрүү” долбоору боюнча каржылоо макулдашуусун ратификациялоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2022-жылдын 15-июлунда кабыл алынган.
- Субсидиардык Грант Макулдашуусу: Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Өнүктүрүү жана Инвестициялоо агенттигинин ортосундагы субсидиардык грант макулдашуусу 2022-жылдын 11-августунда кол коюлган.

**Долбоордун негизги максаттары** айыл чарба продукциясын өндүрүүнү көбөйтүү, негизги муниципалдык кызматтарды жакшыртуу, чакан жана орто ишканалардын ишмердүүлүгүн кеңейтүү жана кризистик же өзгөчө кырдаалдарга ыкчам жана натыйжалуу жооп кайтарууну камсыздоо болуп саналат.

**Долбоордун компоненттери:**

*1* компонент: Муниципалдык инфраструктураны жана негизги мамлекеттик кызматтарды колдоо

*2 компонент:* Агроазык-түлүк кластерлерин бекемдөө

*3 компонент:* Чакан гранттар программасы аркылуу жергиликтүү экономикалык өнүгүүгө көмөктөшүү

*4 компонент:* Күтүлбөгөн өзгөчө кырдаалдарга жооп кайтаруу компоненти

*5 компонент:* Операциялык колдоо.

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар:**

Кадамжай, Баткен жана Раззаков шаарларындагы 11 социалдык объекттин, ошондой эле жолдордун, эс алуу зоналарынын, скважиналардын жана суу түтүк системаларынын долбоорлоосу аяктап жатат. Курулуш-монтаждоо иштерине тендердик сатып алуулар башталды, анын ичинде:

- Кадамжай шаарындагы ”Аллейка” сквери жана 4 км суу түтүгү;
- Баткен шаарындагы “Жаштык” жана ”Жеңиш” парктары. Бул субпроект региондогу 100 миңдей бенефициарды камтууну болжолдойт.

*Агроазык-түлүк кластерлерин бекемдөө*

- “АгроВэй” ЖЧКсынын консорциуму жана ”Активист” Коомдук Бирикмеси Баткен облусунда кошумча нарк чынжырларын куруу жана продуктивдүү өнөктөштүктөрдү түзүү максатында маалымат кампаниясын, социалдык мобилизацияны жана диагностика жүргүзүп жатышат. Баткен облусунун айыл аймактарынын, райондорунун жана шаарларынын деңгээлинде

ПРЭР-2нин Компонент 2 боюнча маалымат таратуу жана айыл чарба боюнча билимди жайылтуу боюнча 62ден ашык иш-чара өткөрүлүп, аларга 3 969 адам, анын ичинде 631 аял катышкан. Социалдык тармактар аркылуу кызыкдар тараптардын саны 100 000ден ашты.

- Кредит алуу үчүн 194 онлайн жана 45 оффлайн арыз кабыл алынган.
- 2024-жылдын апрель айында Продуктивдүү Өнөктөштүк боюнча Комитеттин отуруму өткөрүлүп, анда 5 кошумча нарк чынжырларынын (канаттуулар, сүт, күрүч, мөмө-жемиштер, жемиштер) алкагында арыздар бекитилип, бизнес-пландар иштелип чыгып, азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин каржы-кредиттик фондунун кароосунда турат.
- Кадамжай жана Баткен шаарларында жайгашкан Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин 7 лабораториясын модернизациялоо боюнча отчетту жана Сунуштамаларды даярдоо аяктады.
- Максаттуу лабораториялар үчүн лабораториялык жабдууларды сатып алуу боюнча тендердик документтердин топтомун даярдоо аяктап жатат.
- Кадамжай жана Баткен шаарларындагы 6 лабораторияны долбоорлоо жана ремонттоо үчүн компанияны тандоо боюнча тендердик сатып алуулар аяктап жатат.

*Чакан гранттар программасы аркылуу жергиликтүү экономикалык өнүгүүгө көмөктөшүү*

- Чакан гранттар программасы боюнча колдонмо жаңыланып, Дүйнөлүк Банк тарабынан макулдашылды. ПРЭР-2нин алкагында Баткен облусунун аймагында Чакан гранттар программасын ишке ашыруу үчүн компанияны тандоо боюнча тендердик комиссиянын топтому даярдалууда. Бул субпроектте 150дөн кем эмес ишкерди каржылоо пландалууда.

*Күтүлбөгөн өзгөчө кырдаалдарга жооп кайтаруу компоненти*

2023-жылдын 31-декабрына карата 15 объектте курулуш жана оңдоп-түзөө иштери бүткөрүлүп, керектүү жабдуулар менен камсыздалды.

Төмөнкү 5 объектте капиталдык оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлдү:

- Баткен районунун Ак-Сай айыл аймагындагы Капчыгай айылындагы ФАП;
- Лейлек районунун Жаны-Жер айыл аймагындагы Борбордук айылындагы ФАП;
- Лейлек районунун Жаны-Жер айыл аймагындагы Арка айылындагы ФАП;
- Жаны-Жер айыл аймагындагы Борбордук айылындагы Ч. Айтматов атындагы мектеп;
- Лейлек районунун Кулунду айыл аймагындагы Максат айылындагы мектеп.

Төмөнкү объекттердин курулушу аяктап, компьютердик, кеңсе жана ашкана жабдуулары менен камсыздалды:

- 970 окуучуга ылайыкталган 6 мектеп;

- 200 орунга ылайыкталган 3 бала бакча.

**Аныкталды жана корутунду**

Төмөндөгү объекттерде аткарылган иштерге кошуп жазуу менен, жалпысы **1 839,0 миң сомго** жумуштардын көлөмү жогорулатылган, анын ичинде:

- Ак Сай айыл аймагындагы Көк таш айылындагы “120 орундуу башталгыч мектептин” имаратынын курулуш иштери боюнча подрядчы “Алихан строй+Ригель” ЖЧКсы - 262,2 миң сомго ;
- “Кара Бак” айыл аймагындагы Кызыл Бел айылындагы А.Масалиев атындагы орто мектепке кошумча окуу имаратынын курулуш иштери боюнча подрядчы “Компания Аль Фирдауст” ЖЧКсы - 246,3 миң сомго;
- Ак Сай айыл аймагындагы Ак Сай айылындагы “275 орундуу Ходжаев атындагы мектептин курулушун куруу” курулуш иштери боюнча подрядчы “Илек Строй Групп+Бейшембай Курулуш” ЖЧКсы - 209,6 миң сомго;
- Кара Бак айыл аймагындагы, Достук айылындагы “Бөбөктай атындагы 30 орундуу” бала бакчанын курулуш иштери боюнча подрядчы “Сапат Нур” ЖЧКсы - 170,1 миң сомго;
- Ак Сай айыл аймагындагы Көк Таш айылындагы “Учкун” атындагы бала бакчанын аткарылган курулуш-куруу иштери подрядчы “МТТК Тибет АЖУ” ЖЧКсы - 166,0 миң сомго;
- Ак Сай айыл аймагындагы, Ак Сай айылындагы “Эдельвейс атындагы 75 орундуу” бала бакчанын курулуш иштери боюнча подрядчы “Улар Транс” ЖЧКсы - 211,1 миң сомго;
- Кара Бак айыл аймагындагы, Достук айылындагы “100 орундуу орто мектептин” имаратынын курулуш иштери боюнча подрядчы “Чин Алин” ЖЧКсы - 277,2 миң сомго.
- Төрт Гүл айыл аймагындагы Чоң Талаа айылындагы “225 орундуу орто мектептин” имаратынын курулуш иштери боюнча подрядчы “Амин+Компания Рамзан” ЖЧКсы - 296,5 миң сомго.

*(Аудит аяктагандан кийин, жогоруда көрсөтүлгөн жогорулатылган жумуштардын көлөмү подрядчылардын эсебинен ордуна коюлган, №9 тиркеме).*

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен түзүлгөн кызматташтык жөнүндө Макулдашууларга ылайык, долбоорлордун алкагында курулган же реабилитацияланган курулуш объекттерин биротоло бекитүүнү жана пайдаланууга кабыл алууну уюштуруу боюнча зарыл иш-аракеттердин аткарылышын, долбоорлорду ишке ашыруунун алкагында түзүлгөн же сатып алынган активдерди (негизги каражаттарды) муниципалдык менчиктин Реестрине киргизүү менен муниципалдык менчикке кабыл алууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (айыл өкмөтү) милдеттерине кирет.

Аудит учурунда жеринде барып, курулуш жана реабилитациялоо объекттилерине аудит жүргүзүү учурунда, подрядчылар тарабынан бүткөрүлгөн жана өткөрүлүп берилген объектилер айыл өкмөтү тарабынан балансҝа же муниципалдык менчикке кабыл алынбаган кээ бир объектилер аныкталган. Алардын наркы **1 091 448,1 миң сомду** түзгөн. *(Объектилердин тизмеси № 13 тиркемеде көрсөтүлгөн).* Аудит аяктагандан кийин, алар Эсептөө палатасынын отчетунда көрсөтүлгөн сунуштамалары боюнча айыл өкмөттөрдүн баланстарына алынган.

**АРИСтин административдик чыгымдары боюнча**

Берилген маалыматка ылайык, донорлордун талабы боюнча АРИСтин баардык долбоорлорго тийиштүү иштеген жетекчилерине, адистерине кетүүчү чыгымдары тиешелүү мезгилге иштеп жаткан долбоорлор боюнча бөлүштүрүү үчүн өзүнчө категорияга бөлүнүп “Административдик пул” бөлүмү деп аталат.

Административдик пулдун жылдык чыгымдарынын көлөмүн аныктоодо тийешелүү донордун үлүшүн эсептөө үчүн бир жылга бекитилген долбоордун бюджети колдонулат жана анын жыйынтыгы менен таблица түзүлүп тийешелүү Донорлорго жактыруу үчүн жиберилет жана ошол таблицанын негизинде кызматкердин эмгек акысы долбоорлор боюнча пайыздык катышта бөлүштүрүлөт.

АРИСте административдик пулдун бюджетин бекитүүнүн процедурасы, чыгымдарынын көлөмүн долбоорлордун жылдык бюджетинин көлөмүнө байланыштыгы, кандай түрдөгү чыгымдарды жүргүзүүгө боло тургандын аныктап так белгилеп көрсөтүүчү нускама жоктугу аныкталган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун административдик пулунун бюджетин түзүү жана бекитүү жол-жоболору боюнча нускаманы иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 11-декабрндагы №753-б буйругуна ылайык, Бишкек шаарынын, Эркиндик бульвары, 2 дареги боюнча жайгашкан баалоо наркы 1 702,5 миң сомдук эки кабаттуу имарат, 2004-жылдын 16-январындагы № 3 өткөзүп берүү актысынын негизинде Кыргыз Республикасынын уюштуруу взносу катары Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун балансына уставдык капиталы катары өткөрүлүп берилген.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 25-июлундагы № 307 буйругуна ылайык, Бишкек шаарынын, Бөкөнбаев көчөсү, 102 дарегинде жайгашкан баалоо наркы 48 147,4 миң сомдук турак жай эмес имаратын, 2005-жылдын 26-августундагы № 43 өткөзүп берүү актысынын негизинде Кыргыз Республикасынын уюштуруу взносун толуктоо иретинде Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана

инвестициялоо агентствосунун балансына уставдык капиталы катары өткөрүлүп берилген.

Бирок, жогорудагы жалпы баланстык наркы 49 849,9 миң сомду түзгөн малекеттик имараттар АРИСтин аяктап, жабылган долбоорлорунун бухгалтердик эсептерине кеңсе жабдуулары катары кириштелгени аныкталган, анын ичинде "Айылды инвестициялоо" долбоорунун бухгалтердик эсебинде баштапкы баланстык баасы 1 702,5 миң сомду, (Эркиндик бульвары, 2) калдык наркы жок имараты, жана "Чакан шаарлардын инфраструктурасы жана потенциалын жогорулатуу" долбоорунун бухгалтердик эсебинде баштапкы баланстык баасы 48 147,4 миң сомду (Бөкөнбаев көчөсү, 102), ал эми 2023-жылдын соңуна калдык наркы 2 407,4 миң сомду түзгөн имараты көрсөтүлгөн.

Аудит аяктагандан кийин, жогоруда көрсөтүлгөн имараттар АРИСтин бухгалтердик эсебине "Административдик пул" бөлүмүнө өткөрүлгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

"Мамлекеттик имараттар департаменти" мамлекеттик ишканасына караштуу Бөкөнбаев көчөсү, 99 дарегинде жайгашкан имараттын 12 иш бөлмөсү АРИС тарабынан акы төлөөнүн негизинде колдонулат.

АРИС аталган имаратта эмгектенген кызматчыларга жагымдуу шарт түзүү максатында, имараттын короосундагы ажаткананы оңдоо иштерине 1 168,8 миң сом өлчөмүндөгү каражат жумшалган.

АРИС менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Мамлекеттик имараттар департаменти" мамлекеттик ишканасы ортосундагы 2023-жылдын 30-январында түзүлгөн №4,5,6 келишимдеринин 2.1-пунктуна ылайык АРИСтин убактылуу колдонуп жаткан имараттарында жана бөлмөлөрүндө курулуш-монтаждык, оңдоо-калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү баланс кармоочу "Мамлекеттик имараттар департаменти" мамлекеттик ишканасынын милдеттери катары белгиленген.

Мамлекеттик имараттар департаменти тарабынан түзүлгөн келишимдерге ылайык, мамлекеттик имараттарды пайдалануу үчүн жылдык акынын наркына учурдагы оңдоо-курулуш иштерине кетүүчү чыгымдары дагы киргизилген.

"Мамлекеттик имараттар департаменти" мамлекеттик ишканасы 2024-жылдын 22-ноябрындагы № 01-10/2/882 каты менен, АРИСтин оңдоого иштерине жумшалган каражатын эске алып, соңку жылдардын чыгымдар сметасынын эсебинен кыскартып берээрин билдирген. Ушуну менен кийнки жылдардын төлөө акысынын өлчөмү азайтылат.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-майындагы №232 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик инвестицияларды башкаруу боюнча" жобонун 6-пунктунда терминдердин жана алардын аныктамалары берилген, ага ылайык **аткаруучу агенттик** болуп бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсү жана каржылоо жөнүндө макулдашууга ылайык

мамлекеттик инвестициялардын долбоорун демилгелөө, даярдоо жана ишке ашырууга жоопту болгон мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы (макулдашуу боюнча), ал эми **иишке ашыруучу агенттик** - юридикалык жактын статусуна ээ каржылоо жөнүндө макулдашууга ылайык мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорун ишке ашырууга же ишке ашыруу үчүн катышууга жоопту болгон уюм болуп саналат.

Донорлор менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы гранттык жанан кредиттик макулдашууларга ылайык, АРИСтин алкагында ашырылуучу долбоорлордун аткаруучу агенттиктери болуп Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Экономика жана коммерция министрлиги, Энергетика жана Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги, ал эми ишке ашыруучу агенттик болуп АРИС белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-майындагы №232 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик инвестицияларды башкаруу боюнча” жобонун 137-пунктуна ылайык, Социалдык-экономикалык таасирди баалоо аткаруучу агенттик тарабынан долбоорду ишке ашыруунун натыйжасында түзүлгөн бардык активдер үчүн ишке ашырылат. Баалоо долбоор аяктаган учурдан тартып 1, 3 жана 5 жылда активдердин иштөө мезгили үчүн жүргүзүлөөрү белгиленген.

Долбоорлорду ишке ашырууда, долбоорлордун натыйжалуулугу жана канчалык деңгээлде социалдык-экономикалык таасири болгондугун аткаруучу агенттиктер тарабынан жүргүзүлөт.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **Б.А. Рыскулиев**